М. Артықбаев

# Жаңы салттардын таралышы

М. Артыкбаев

# Жаңы салттардын таралышы

«Кыргызстан»
Фрунзе
1981

66.5
А 86

**Артыкбаев М.**

А 86 Жаңы салттардын таралышы.— Ф.: Кыргызстан, 1981.— 52 бет.

Китепте совет адамдарынын турмуш-тиричилигиндеги жана аң-сезиминдеги өткөн замандын зыяндуу калдыктарын жоюу жана СССР элдеринин турмушундагы социалисттик салттардын калыптаныш процесстери баяндалат. Ошондой эле советтик улуттардын, айрыкча, кыргыздардын жашоо турмушунан алынган социологиялык материалдардын негизинде турмуштун советтик образынын көрүнүшү жана калыптанышы көрсөтүлөт.

А $\frac{10504-233}{М\ 451(17)-81}$ 37.80.0302030600

1МН3
ББК 66.5

© «Кыргызстан» басмасы, 1981-ж.

# КИРИШ СӨЗ

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы совет адамдарынын жашоо турмушундагы жаңы салттардын жаралышына, калыптанышына жана андан ары өнүгүшүнө дайым олуттуу көңүл буруп келген. «Биз басып өткөн жолдун дагы бир башкы жыйынтыгы — биздин турмуштун советтик образы,— деп баса көрсөткөн КПССтин XXV съездинде жасаган докладында Л. И. Брежнев. — Чыныгы коллективдүүлүктүн жана жолдошчулуктун, баш кошкондуктун, өлкөнүн бардык улуттары менен элдеринин күндөн-күнгө чыңдалып жаткан достугунун кырдаалы, бизди ого бетер күчтүү, туруктуу кылып жаткан нравалык жакшы кырдаал — биздин турмуштун өрнөгүнүн жаркыраган көрүнүштөрү мына ушундай, биздин чыныгы турмушка каны-жаны менен терең сиңип калган социализмдин улуу жеңиштери мына ушундай»[1]. Бул айтылгандар совет коомунун артыкчылыктары, адамдардын жашоо турмушуна жаңы салттар, үрп-адаттар учурдун нормасы, принциптери катары кирип жаткандыгын көрсөтөт. Алар элдин өз ара мамилелеринин реалдуу чындыгына айланууда. Учурдун талабынан артта калган салттардын, үрп-адаттардын сүрүлүп чыгышы — бул совет адамдарынын нравалык, моралдык жактан аң-сезимдүү калыптанышынын натыйжасы. КПССтин XXV съездинин программалык

---

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. «Кыргызстан» басмасы, 1977, 100-бет.

документтеринде көрсөтүлгөндөй, коммунисттик коомду куруудагы экономикалык өсүш менен катар анын материалдык-техникалык базасын чыңдоо аркылуу эмгекчилердин, айрыкча, өсүп келе жаткан жаш муундардын коммунисттик аң-сезимдүүлүгүн жана активдүүлүгүн арттыруу—азыркы күндүн негизги талабы. Биздин социалисттик турмуш мещандыктын тамырына биротоло балта чапты.

√Бүгүнкү жаштарды өздөрүнүн керт баштарынын гана кызыкчылыгы, турмуш-жашоосу канааттандырбайт. Ал үчүн коомдук турмушка активдүү катышууга талаптануу, өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүн ар тараптан үзгүлтүксүз арттыруу азыркы жаштардын жашоосуна айрыкча мүнөздүү болуп эсептелет. Жалпы советтик салттар өлкөбүздүн адамдарынын рухий дүйнөсүнүн, социалдык психологиясынын, жашоо турмушу менен маданиятынын коомдун кызыкчылыгы менен тыгыз айкалыштырат. Советтик турмуштун негизинде пайда болгон жаңы салттар менен мурдагы коомдон сакталып, бүгүнкү турмушка кызмат кылып келаткан өткөндүн жакшы салттарынын жыйындысы азыркы турмуш укладын түзөт. «Эмгекте жана согушта бүткүл совет элинин жалпы салттары пайда болду,— дейт Л. И. Брежнев,— Ал салттар менен советтик ар бир гражданин сыймыктанат жана аны кымбат баалайт»[1].

«Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндөгү» КПСС БКнын токтомунда: «Өнүгүүнүн 60 жыл ичинде биздин социалисттик коомдо эң сонун салттар орноду, аларда эң бай революциячыл күрөштүн жана түзүүнүн эң бай тажрыйбасы бекемделди»[2].—деп белгиленген. Өнүккөн социализмдин шартында эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоо иштерин СССР элдеринин жашоо турмушундагы жалпы советтик салттардын

---

[1] Л. И Брежнев. Лениндик жол менен. Сүйлөнгөн сөздөрү жана макалалары. Ф., 1973, 4-том, 74-бет.

[2] Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 60 жылдыгы жөнүндө. КПСС БКнын 1977-жылдын 31-январдагы токтому. Ф., 1977, 26-бет.

салтанат куруу процессин изилдеп үйрөнүү бүгүнкү күндөгү өтө актуалдуу маселелерден болуп калды. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жолдош Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин «Эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоо»[1] деген эмгеги да ушул актуалдуу маселени ар тараптан изилдөөгө арналган.

Кийинки жылдарда бул проблемага, социалисттик салттардын жаралышына жана калыптанышына арналган айрым авторлордун чыгармалары жарыкка чыкты[2]. Ошого карабастан, республикабызга дагы эле болсо партиялык, коомдук уюмдардын эскинин калдыктарына каршы күрөшүн чагылдырган атеисттик темадагы адабияттар али жетишсиз. Социалисттик коомдун бардык чөйрөлөрүндө экономикалык, саясий турмушта, үй-бүлөлүк мамилелерде жаңы, жалпы элдик салттар калыптанып жатат. Үй-бүлөлүк турмуш шарттарын жаңыча курбай, өз ара урмат-сый көрсөтүү, кадыр-баркка жетишүү мамилелерин түзбөй туруп, биз бактылуу, жыргалдуу турмушту, коммунисттик мамилелерди кура албастыгыбыз белгилүү. Эскиден калган диний калдыктарды, реакциялык салттарды турмушубуздан сүрүп чыгаруу, аларга каршы күрөшүү, элдин үй-бүлөлүк мамилесин оңдоо аркылуу гана биз коммунисттик коомдун ар тараптан гармониялык өнүккөн адамын тарбиялай алмакчыбыз.

КПССтин Программасында эмгекчилерди коммунисттик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоо жагынан партия өз алдына марксизмдин-ленинизмдин негизинде совет коомунун бардык эмгекчилеринин дүйнөгө илимий көз карашын калыптандыруу, эмгекке коммунисттик мамиле кылууну өнүктүрүү,

---

[1] Т. У. Усубалиев. Эмгекчилерди интернационалдык тарбиялоо. Ф., 1974-ж.

[2] Н. С. Сарсенбаев. Обычаи и традиции, Алма-Ата, 1965 г.

А. Х. Хашимов. Формирование новых семейно-бытовых отношений у народов Средней Азии. Душанбе, 1972 г.

коммунисттик моралды орнотуу, пролетардык интернационализмди жана социалисттик патриотизмди өнүктүрүү, кишинин керт башын бардык жактан жана гармониялык түрдө өнүктүрүү, адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы өткөндүн калдыктарын жоюу, буржуазиялык идеологияны ашкерелөө милдеттерин койгон.

Али да болсо турмушубузда көп кездешүүчү дүйнөкордук жана паракордук, коомго бир тыйын пайда келтирбөөчүлүк, чарбасыздык жана ысырапкордук, аракечтик жана зөөкүрчүлүк, төрөпейилдик жана адамдарга кайрымсыз мамиле, эмгектик жана коомдук тартипти бузуу сыяктуу социализмге жат, өткөндүн терс калдыктарынын тамырын соолтуу үчүн партиялык уюмдарда, эмгек коллективдеринде, басма сөздө, радио жана телевидение боюнча сынга алуу менен үзгүлтүксүз, максатка умтулган жана элдешкис күрөш жүргүзүү керек. Демек, советтик коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабында КПСС жаңы, гармониялуу өнүккөн, өзүндө рухий байлыкты, моралдык тазалыкты жана дене жагынан өркүндөгөн жаш адамды — дүйнөгө илимий көз караш менен куралданган, идеялык жактан ынанымдуу, кеңири саясий билимге, ички жана тышкы жогорку маданиятка, өнүккөн эстетикалык татымга ээлик кылган адамды тарбиялоого өзгөчө маани берет. Ошондуктан партиянын идеологиялык ишмердүүлүгү «жаңы адамдын калыптанышына, адамдын керт башынын ар тараптан өнүгүшүнө, турмуштун социалисттик образын өркүндөтүүгө»[1] багыт алдырылган.

Мындан эмгекчилерди коммунисттик рухта тарбиялоо, өткөндүн калдыктарына каршы күрөшүү, ушул негизде жаңы, жалпы советтик салттардын калыптаныш маселелери теориялык проблема гана болбостон, азыркы учурдун практикалык милдети экендиги да ачык көрүнүп турат.

---

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. «Кыргызстан» басмасы, 1977, 46-бет.

# ТУРМУШТУН ЖАҢЫ, СОЦИАЛИСТТИК ОБРАЗЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ САЛТТАРДЫН, ҮРП-АДАТТАРДЫН РОЛУ

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы улуттук мыкты салттарга кам көрүү жана кылдаттык менен мамиле жасоо жөнүндөгү лениндик осуяттарды турмушка ашыруу менен алардын коммунисттик негизде андан ары ар тараптан өнүгүшү жана көбөйүшү үчүн зарыл шарттарды түзөт.

Бул майрамдар менен салттар, айрыкча байыркы салттардын маңызын ачуудан мурда анын терминологиялык маанисин тактап алуубуз зарыл. Себеби биздин окумуштуулардын арасында ушул күнгө дейре али бир пикирге келүү боло элек. Кээ бирде үрп-адат менен майрамдардын ортосундагы салт жана өткөрүлүүчү салтанаттардын ортосундагы айырмага көңүл бөлүнбөй калат. Эмесе салт деген эмне? Салт (традиция) — латын сөзү (traditio), ал «өткөрүп берүү» дегенди билдирет. Салт дегенибиз — тигил же бул коомдук спецификалык кубулуштардын формасы катары муундан-муунга өтүп, адамдардын турмуш-тиричилигинен бекем орун алып калган коомдук мамилелердин жыйындысы. Салт — адамдардын аң-сезиминде бекем орноп, көнүмүш адатка айлануу менен, алардын көнүмүш идеясы жана ынануусу аркылуу ар түрдүү чыгармачылык багыт: искусство, маданият, саясат жана илим аркылуу белгилүү бир коомдо, коомдук пикирлерге таянуу менен ишке ашырылат. Ал — коомдук тарыхый шарттарынын продуктысы. Бул салттар турмуштун талабына жараша пайда болуу менен анын керектөөлөрүн канааттандыруу аркылуу тигил же бул таптын, коомдук уюмдардын же адамдарынын тобуна кызмат кылат. Улуттук салттар аркылуу адамдардын жүрүш-турушуна мүнөздүү психикалык кулк-мүнөзүнө ылайыктуу болгон улуттун ички дүйнөсүнүн элеси түшүндүрүлөт. «Үрп-адат» деген түшүнүктү тар маанисинде алып кара-

ганда, ал кандайдыр бир элдин, айылдын, шаардын ички өз ара мамилелеринин белгилүү нормасын билдирет. Биздин коомдун социалисттик негизде өсүшү, революциялык советтик жаңы салттардын пайда болушу менен «үрп-адат» деген түшүнүк байыртадан келе жаткан каадаларды билдирүү термини катары колдонулуп «салт» деген кеңири түшүнүк менен алмашылууда.

Салт — өзүнүн мазмуну боюнча үрп-адаттан байыраак жана кеңирээк. Салттар коомдук жана жекече турмуштун бардык чөйрөлөрүнө кеңири тарап, маданий тиричилик өндүрүш чөйрөлөрүн бүт өз ичине камтыйт. Саясатта, илимде, искусстводо, адабиятта эреже катарында «салт» деген түшүнүк колдонулат.

Церемония — салтанаттуу, официалдуу (мамлекеттик жана граждандык) актыны өткөрүү боюнча калыптанган символикалык кыймыл — аракеттердин чагылышы болуп саналат. Мисалы, мамлекеттик гимнди аткаруу, сыйлыктарды тапшыруу жана башкалар. Жогоруда белгиленгендей салт белгилүү бир тарыхый доордогу адамдардын өндүрүштүк коомдук турмуштарындагы өз ара мамилелери коомдук аң-сезимдин формаларында моралдык нормаларда, этикада, эстетикада илим менен маданияттын тажрыйбасында, көркөм образдарда ж. б. чагылдырылган. Салт адамдардын өндүрүштүк иштеринин процессинде, күндөлүк тиричилигинде миллиард жолу кайталоо менен калыптанып, муундан-муунга өтүп отурат жана ар бир муун өз жашоосуна жараша бул салттарга кошумча кошуп, алымчасын алып, алда канча өзгөртүлгөн, жаңылатылган түрдө улам кийинки муунга калтырыла берет. Салт — коомдун закон ченемдүү натыйжасы. Антагонисттик түзүлүштөн айырмаланган социалисттик коом закон ченемдүү түрдө өзүнүн салттарын жаратат. Ошондой эле социалисттик коом өткөн доордун бир кыйла салттарын кабыл алуу түп-тамырынан бери кайра жаңыртуу, өзүнө ылайыкташтыруу менен ишке ашырылат.

Бүткүл өлкөбүздөгүдөй эле республикабыздын бүгүнкү турмуш шартына ылайык улуттук салттардын гүлдөп өсүшү менен биздин турмушубуз жаңы, кошумча белгилерге ээ болууда.

Улуу муундар жаштарга көнөөрбөс мурас катары социалисттик коомду куруудагы зор тажрыйбаларын, коммунисттик көз караштарын, революциялык жалындарын, эрдиктерин, принципиалдуулуктарын, коомдун кызыкчылыгы үчүн, Ата мекенди коргоо үчүн дайым даяр болуу сыяктуу асыл сапаттарын калтырышууда. Акыркы жылдары республикабыздын кээ бир райондорунда «Аксакалдар үйү», «Карылар совети» деген уюмдар уюшулуп, аларга эски, зыяндуу салттарга каршы активдүү күрөш жүргүзүп келген тажрыйбалуу эл ичинде кадырбарктуу карыялар кеңири, массалык түрдө тартылууда.

## АДАМДАРДЫН АҢ-СЕЗИМИНДЕГИ ЖАНА ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИГИНДЕГИ ЭСКИНИН КАЛДЫКТАРЫН ЖОЮУ — СОЦИАЛИСТТИК САЛТТАРДЫН БЕКЕМДЕЛИШИНИН НЕГИЗИ

Өзгөчө азыркы социализмден коммунизмге өтүү мезгилинде эң башкы мааниге эмгекчилерди коммунисттик рухта тарбиялоо, элдин аң-сезимдүүлүгүнүн өсүшү, алардын коммунизм үчүн болгон күрөштө активдүү катышуусун аныктоо, социалисттик коомдун мындан аркы өсүш темпине таасирин тийгизүүдө.

Социализмдин жеңиши менен эскинин калдыктарын, алардын ичинде диндик көз караштарды жоюу үчүн жаңы шарттар түзүлдү. Бирок коммунисттик тарбия берүүнү жалаң гана элдин аң-сезиминдеги эскинин калдыктарын жоюуга такап коюуга жарабайт. Сөз бул жерде элдин аң-сезимдүүлүгүн көтөрүү менен артта калган катмарларга таасир тийгизүү жөнүндө болуп жатат. Коммунисттик

коомдун жаңы адамынын идеологиялык жактан калыптануусуна эскинин диний көз караштары айрым тоскоолдуктарды түзүп жатат.

Коммунисттик тарбия берүү — бул советтик патриоттуулукка тарбиялоо, эмгекке жана коомдук менчикке коммунисттик мамиле кылууга тарбиялоо, элдердин достугу менен интернационалдуулугуна тарбиялоо. Коммунисттик партиянын жүргүзгөн тарбиялык иштеринин натыйжасында биздин өлкөдө жаңы көз караштар, салт жана моралдагы жаңы адамдар өсүп чыгышты.

СССРдин жаңы Конституциясында «Совет мамлекетинин эң жогорку максаты — анда коомдук өзүн-өзү башкаруу өнүгө турган тапсыз коммунисттик коомду куруу. Жалпы элдик социалисттик мамлекеттин башкы милдеттери: коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү, социалисттик коомдук мамилелерди өркүндөтүү жана аларды коммунисттик коомдук мамилелерге айландыруу, коммунисттик коомдун адамын тарбиялоо, эмгекчилердин турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу, өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу, тынчтыкты чыңдоого жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү»[1] — деп жазылган.

Коммунисттик мораль СССРдин Конституциясында терең жана даана чагылдырылган. Коммунисттик мораль тууралу Л. И. Брежнев «Биздин жетектөөчүбүз болгон мораль — бул коммунизмдин идеалдарына берилгендиктин жана жогорку граждандуулуктун, өзүнүн социалисттик Мекенине болгон сүйүүсүнүн жана бардык өлкөлөрдүн эмгекчилери менен болгон тилектештиктин, коллективдүүлүктүн жана коомдук милдеттерди бузуучуларга элдешпестиктин жыйындысы. Биздин коммунисттик мораль мындайча айтканда мурас катары калуу менен адам коомунан пайда болгон гумандуулуктун

[1] Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясы. «Кыргызстан», 1979, 5-бет.

нравалык нормасынын өнүгүшү»[1] дейт. Коммунисттик мораль эл массасын адамдын жеке сапаттарынын үстүнөн болгон зордук-зомбулукка, массалык формадагы элди кырып-жоюуга каршы күрөшкө чакырат. Социалисттик менчикти сактоо үчүн таасирдүү аракет кылууга жана ар бир граждандын жеке мүлктөрүнүн сакталышын камсыз кылууга чакырат. Коммунисттик мораль эмгекчилердин тап душманы болгон эксплуататорлорго каршы аёосуз күрөш жүргүзөт. КПССтин Программасындагы коммунизмдин моралдык кодекси бир нече миңдеген жылдарда сыналган, революциялык күрөштөрдө чыңдалган төмөндөгүдөй нравалык принциптерди өз ичине камтыйт:

— коммунизмдин ишине берилгендик, социалисттик Мекенди, социализм өлкөлөрүн сүйүү;

— коомдун жыргалчылыгы үчүн ак ниеттүүлүк менен эмгек кылуу: иштебеген-тиштебейт;

— коомдук байлыкты сактоо жана көбөйтүү жөнүндө ар кимдин камкордук кылышы;

— коомдук милдетти жогорку даражада сезүү, коомдук таламдардын бузулушуна келишпестик менен мамиле кылуу;

— коллективизм жана өз ара жолдоштук жардам: ар бир адам бардыгы үчүн, бардыгы бир адам үчүн;

— адамдардын ортосундагы гумандуу мамилелер жана өз ара урматташуу: киши кишиге дос, жолдош жана тууган;

— коомдук жана жеке турмушта ак ниеттүү жана чынчыл, кулк-мүнөз жагынан таза, жөнөкөй жана кичипейил болуу;

— үй-бүлөдө өз ара урматтоо, балдарды тарбиялоо жөнүндө камкордук кылуу;

— адилетсиздикке, жатып ичерликке, ак ниетсиздикке, мансапкорлукка, дүнүйөкорлукка элдешпестик менен мамиле кылуу;

---

[1] Л. И. Брежнев. Актуальные вопросы идеологической работы. М., 1978, т. 2, стр. 21—22.

— СССРдин бардык элдеринин достугу жана бир туугандыгы, улуттук жана расалык кастыкка жол бербөө;

— коммунизмдин, тынчтык ишинин жана элдердин эркиндигинин душмандарына элдешпестик менен мамиле кылуу;

— бардык өлкөлөрдүн эмгекчилери менен, бардык элдер менен бир тууганд ык тилектештик.

Совет адамынын моралдык облигинин белгилерин коммунизмдин курулушуна кылган кызматынан көрөбүз. Коммунизмдин идеалдарына берилгендик, өзүнүн жүрөгүнүн жаштык жалынын адамзаттын жыргалдуу турмушуна кызмат кылууга арноо — бул коммунисттик коомдун жаңы адамынын жогорку нравалык принциптеринин калыптанышынын жемиши. Жаңы идеологиянын жеңиши эскинин калдыктарын элдин аң-сезиминен биротоло жоготту дегендикке жатпайт. Ушул күнгө чейин диний идеологиянын таасиринен али да бошонбогон катмарлардын болушу жаңы идеологиянын эң башкы милдетинин бири динге каршы күрөшүүнү алдыга коюп олтурат. Азыркы кезде ислам дининин калдыктары кээ бир карыяларда жана аялдарда да мурас катары сакталып калгандыгы байкалат. Бул — алардын караңгылыгынын, билимсиздигинин натыйжасы. Андыктан дагы эле болсо феодалдык салтты колдогон эскинин салттарын, үрп-адаттарын таратууга аракет кылып, социалисттик жаңы турмуштун калыптанышына тоскоолдук келтиргендер кездешүүдө. Кудайдын аялдарды эркектерден кем жаратканд ыгы жөнүндөгү мифке ишенген айрым адамдар дагы эле болсо кездешет.

Тянь-Шань, Жети-Өгүз райондорунда жана Ош областынын көпчүлүк райондорунда командировкада болгонубузда кыздарды ала качуу, калың төлөө жоюлбаганын жана аялдарды эркектер менен бирге дасторконго отурууга тыюу салуу, жаш келиндин үйлөнүү тоюнан кийин бир нече күнгө чейин өзүнүн кайын энеси, кайын атасы менен сүйлөшпөөсү салт сыяктуу дагы эле колдонулуп келатканына күбө

болдук. Бул салттар диний көз караштагы кары адамдар жашаган үй-бүлөлөрдө, билим деңгээли төмөн болгондорго айрыкча сакталып калгандыгы, ал гана эмес жаштарды динге тартуу тенденциясы байкалды. Мисалы, Жалал-Абад шаарында жаштарды динге үйрөтүүчү уруксатсыз ачылган диний мектептин иштеши таң калтырбай койбойт. Ленин районундагы Совет айылында жашоочу мурда эки жолу сот жообуна тартылган Казакбаев деген адам мектеп жашындагы 18 баланы уруксатсыз мусулман мектебине тарткан.

Эл арасында сакталып келе жаткан диндик калдыктын дагы бири — орозо тутуу. Орозо тутуу — мусулмандык жыл эсептөө боюнча рамазан айында отуз күнгө созулган диндик салт. Отуз күндүк орозонун мезгилинде орозо кармоочулар эртеден-кечке чейин тамак ичүүгө, сууга түшүүгө, ал гана эмес дары ичүүгө да укуксуз болушат. Бул элдин ден соолугуна зыян келтирип, алардын моралдык рухун төмөндөтөт. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн байкоосу боюнча орто жаштан өткөн ар бир жүз кишиге орозону кармоочу 25—30 адам туура келет. 1960-жылдын аягында Ош областынын Сузак районундагы Чапаев атындагы мектептин 6-классынын окуучусу Г. Сатиеванын орозо кармагандыгы аныкталган. Текшерүүнүн жыйынтыгында бул кыз эки жыл катары ата-энесинин зомбулугу менен орозо кармап келген. Бул көрсөтүлгөн окуя Кыргызстандын бөлөк айыл-кыштактарында да кездешпей койбойт. Көпчүлүк өспүрүмдөр, мектеп окуучулары ата-энелеринин таасири менен орозонун эрежесин сакташат. Орозо туткан адамдын ден соолугу начарлап, эмгекке болгон жөндөмү төмөндөйт. Талаачылыкта иштеген дыйкандардын эмгек тартибин бузуусуна алып келет жана жаштардын рухий дүйнөсүнүн өсүүсүнө тоскоолдук келтирет. Орозодон алсыраган денеде ар кандай ички оорулардын, айрыкча, ичеги-карын ооруларынын тез пайда болуусу байкалат. Боюнда бар аялдардын орозо кармоосунун натыйжасы балдардын ара төрөлүшүнө, итий оорусу

менен оорушуна алып келет. Кээ бир адамдар орозо кармашпаса да дин майрамдарынын «орозо айт», «айбашы», «курман айт» ж. б. салт-жөрөлгөнүн себепкери болгон учурлар кездешет. Бул майрамдардын мал союлуп, чоң чыгымдар болуп жана зарыл болгон жумушчу убакты сарп кылынып өткөрүлүшүн бир жагынан эл арасында мусулман дининин салттары «элдик салттар» катарында кабыл алынып жаткандыгы сыяктуу түшүнүүгө болот. Мисалы, «курман айт» кудайга, өлгөндөрдүн арбагына арналып, орозодон жетимиш күн өткөн соң көп сандаган эл массасын камтып, өзүнчө салтанат менен белгиленет. Диндик майрамдардын көп каражат, алтын убакыттар коротуп өтүшүн, өзгөчө аң-сезимди ууландыруучу угутун эч нерсе менен өлчөп болбойт.

Ислам дининин кеңири таралган калдыктарынын бири—ыйыктарга сыйынуу. Бул диндик сыйынууда кудайдын өзүнө жакыныраак болгон жана алардын жардамы менен дүйнөнү башкарып туруучу пайгамбарлар жана «ыйыктар» бар деген түшүнүк жатат.

Эгерде кудай менен элдердин ортосундагы далдалчынын ролун аткарган «ыйыкка» арнап кимдир бирөө мал союп, кудайы чалса, анда ал «ыйык» ошол адамдын эңсегенин орундатуу менен, анын таламын талашат деп түшүндүрүшөт. Улуттук республикалардын аймагында «ыйык жерлер» деп аталган мазарлар, таштар, жыгачтар, булактар ж. б. көп. Далил катары Фергана өрөөнүндө он чакты, Оштогу Сулайман тоосу сыяктуу эң ыйык эсептелген жерлердин сакталып калгандыгын айта кетсек болот. Бул жерлерге динге ишенген адамдардын келип-кетүүлөрү арбын. Алардын арасында кээ бир жаш өспүрүмдөрдүн болуп калышы кездешет. Эреже катары бул «ыйык жерлерден» диндик ойлоп табуулар таркалат.

Элдин ден соолугуна табыпкерчилик зор зыян келтирет. Табыптар элди алдап, чоң пайда табууга жол ачышат. Өздөрү билбей турушуп, өпкө оорусун

күн карамандын майы менен, кекеч оорусун түшүнүксүз тексттерди жаттатуу жолу менен дарылашат. Динге ишенүү чындыгында элдин кудайга ишенгенинен эмес, илгертен берки салт катары калып келе жатат. Ушундан улам кээде биреөлөрдө «кудай чын эле бар болуп жүрбөсүн» деген божомолдоо пайда болот.

Динге ишенүүчүлөр өтө эле «таң каларлык» окуяларга бат ишенишет. «Сыйкырдуу булактан оорусунан айыгыптыр» деп кимдир биреөгө эле айтып коюу жетиштүү. Же болбосо бир жерде» «ыйык суунун» булагы чыгыптыр, ал бардык оорудан арылтат экен» деген сөздөн кийин ал жерге сөзсүз чүпүрөктүн айрындылары илинип, динге ишенүүчү бир нече адамдардын сууга жууна баштагандыгын көрүүгө болот.

Үй-бүлөгө салкын кароо, кызматка кайдигер мамиле жасоо жана башка көрүнүштөрдүн жашап жатышы, кээ бир кишилердин аң-сезиминин турмуштун өсүү процессинен бир канча артта калгандыгы менен түшүндүрүлөт. Эскинин калдыктары менен коштошуу мөөнөтү шарт боюнча узагыраак убакытка созулат. Социализм коммунизмдин биринчи фазасы катары эски коомдун тереңинен өсүп чыгат, анын жат көрүнүштөрүн бат эле ыргытып салууга болбостугун турмуштун өзү көрсөтүп отурат. Социализмди мүнөздөп келип, марксизмдин классиктери биз коммунисттик коомдун өзүнүн жеке негизинде өнүккөн түрү менен эмес, тескерисинче, капиталисттик коомдун бардык мамилелеринен, экономикалык, нравалык жагынан бөлүнүп, эски коомдун ичинен өсүп чыккан коом менен иш алып барабыз деп баса көрсөтүшкөн. Маркстин улуу айткандарынын зор мааниси материалисттик диалектика аркылуу коммунизмди илимий түрдө талдап чыккандыгында.

Коммунизм өзүнүн биринчи фазасында, социализмде экономикалык жактан эң жогорку өсүп-өнүгүүгө жете албагандыгы сыяктуу эле капитализмдин салттарынан да толук арылып кете албайт.

Эски салттын турмушта сакталып келе жатышы элдердин аң-сезимине тийиштүү даражада таасир калтырып, алардын психологиясында, жүрүм-турумдарында терс көрүнүштөрдүн орун алышынын бирден-бир себепчиси болот. Биздин ар бирибиз жазгы чарба жумуштарынын кызуу убактысында колхоз базарында, же болбосо тогуз жолдун тоомунда жаш, ден соолугу чың жигиттин, же аялдын жемиш, гүл жана башкаларды сатып олтурганын өз көзүбүз менен көрүп, анын күбөсү болобуз. Алар эч жерде окубай, же иштебей өзүнүн жеке кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгынан жогору коюшат. Бирок бул адамдар жеке менчиктин психологиясы менен ууланган, төмөнкү деңгээлдеги аң-сезимдүүлүгүн көрсөтүшкөнү менен совет бийлигинин мезгилинде туулуп өскөнү белгилүү. Мына ушундан улам «Эски психологиянын шарттары буларда кандайча пайда болгон?» деген суроо туулат. Көпчүлүк адамдар анын себебин начар тарбиядан деп айтышат. Туура начар тарбиядан да болот, бирок иштин түйүнү башкада болуп жатпайбы. Убактысынча болсо да колхозчулардын өздүк жеке жер аянттары, чарбасы дагы эле сакталып калууда. Бул жеке чарбадан колхозчулардын өздөрү баш тарткан убак да келип жетет. Бул баш тартуу, качан гана коомдук чарба гүлдөп өсүү менен, алардын талабын толугу менен камсыз кылганда ишке ашат. Коомдук ашыкча керектөөчү продуктыларды толук түзгүчө, бул жеке чарбалар сакталып калат. Коомчулуктун жана колхоздун башкармасы тарабынан жеткиликтүү контролдук болбой калышынын себептеринен, жетишсиз идеялык тарбия иштеринин натыйжасында бул жер участкаларын кээ бир колхозчулар өздөрүнүн жеке кызыкчылыгына пайдалануу менен, социалисттик коомдун кызыкчылыгына зыян келтиришет. Элдин кыжырын келтирүүчү дагы бир факт — өспүрүмдөрдүн базарда алып-сатарлык иштерди жүргүзгөндүгү. Коомчулук алардын баюу жолдоруна кескин тыюу салуу, алып сатарлыктын ар кандай жолдорунун пайда болушуна жол бербөө күрө-

шүн улантууда. Азыркы айылдык эмгекчилердин кандай жыргал турмушта жашап жаткандыгын алардын үйүнө кирээриңиз менен эле көрүп кубанасыз: килемдер, жууркандар, одеялдар, жаздыктар, радиоприемниктер, телевизор, китеп салынган шкаф ж. б. Меймандос үйдүн ээси сиздин отурууңузду өтүнөт, бирок килем төшөлгөн полго отурууңуз керек, бөлмөдө стол же стулдар жок, алардын болушу салтка «туура келбейт».

Жогоруда келтирилген мисалдарга ылайык, үй-бүлөлүк жана күндөлүк турмуштук көнүмүш адаттарды жоюуга ар кандай жолдор менен күрөшүүнүн зарылдыгы эл арасында идеологиялык тарбия иштерин жакшыртууну талап кылат.

Биздин идеологиябыздын эң башкы милдеттери буржуазиянын реакциялык идеологиясына каршы чечкиндүүлүк менен күрөшүү, элге каршы саясатынын бетин ачуу, капитализмдин реакциялык маңыздарын түшүндүрүү жана буржуазиялык кара мүртөз пропаганданын формаларынын жана ыкмаларынын мүнөздөрүн ашкерелөө болуп саналат.

Эскинин калдыктары бардык эле шарттарда жандана бербейт. Алар күрөш бошоңдоп кеткен жерлерде пайда болот. Мындай шарттын түзүлүшү партиянын ички иштеринин, партиянын саясатынын бурмалануусунан жана советтик демократиянын принциптеринин бузулуусунан келип чыгат. Бул — динге каршы пропаганданы туура баалабагандыктын, башкаруу иштеринин туура жолго коюлбагандыгынын натыйжасы.

Илимий-атеисттик пропаганда — бул динге каршы күрөштүн башкы куралы. Ал диндик бир орунда катып калган көз караштарды талкалайт, алардын илимге каршы жактарын, реакциялык мүнөзүн ашкерелөө менен, адамдардын айлана-чөйрөгө жана коомго болгон материалисттик көз караштарынын калыптанышына зор таасир көрсөтөт. Динге каршы үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн пропагандалык иштер элдердин динге ишенүүчү катмарларынын диндик көз караштардын туткунунан тезирээк бошону-

шуна шарт түзөт. Илимий-атеисттик пропаганданы туура жолго салбай туруп эмгекчилердин аң-сезиминдеги ислам дининин калдыктарын жоюу мүмкүн эмес.]

Эң башкы жетишпегендиктердин катарына төмөнкү факторлорду кошууга болот: пропагандалоо иштерин үзгүлтүккө учуратуучулук, декларативдүүлүк, лекциялардын академиялык мүнөздө окулуп кетиши жана алардын жалпы мүнөздүүлүгү, башкача айтканда, жергиликтүү материалдардын негизинен бөлүнүп калышы, агитация иштериндеги атеисттик ыкмаларды жана материалдарды начар колдонуу, атеисттик адабияттардын жетишсиздиги, жаштардын диний көз караштарга каршы мамилесине кош көңүл жана башкалар. Республикабыздын областтык, райондук, шаардык партиялык уюмдарынын жетекчилиги астында олуттуу идеологиялык иштер жүргүзүлүүдө. Ошондой болсо да дин кызматкерлери кээ бир жерлердеги атеисттик пропаганданын жоктугунан, же начардыгынан пайдаланышып, «өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип», алууда. Айрым убактарда алар ырым-жырымдар тууралу чыккан советтик законду этибарга алышпайт, элден эч бир себеби жок эле каражаттарды топтоп, мамлекет тарабынан катталбаган мечиттерди атайын уруксаты жок адамдарга башкартышып, мазарларда диндик агитацияларды таркатышууда. Эсепсиз көз боёмолоочулукка барышып, алар ислам динин советтик турмуш чындыгынын шарттарына жакындаштырууга далбас урушууда. Дин кызматкерлери кандай гана түрүн өзгөртүшпөсүн, кандай гана жолго түшүшпөсүн баары бир алардын бул далалаттарын диндик идеологиянын илимий-материалисттик дүйнөнү таанууга каршы жаңыча күрөшүүнүн формалары катары кароого болот. [Эскинин калдыктары өзүнүн көрүн өзү казбайт эмеспи, андыктан алар менен бүтүндөй коомчулуктун туруктуу күрөш жүргүзүүсү зарыл. Эскинин калдыктарын таптакыр жоюу оңой-олтоң иш эмес, ал көп убакытты, күчтү жана эмгекти талап кылат.] КПСС

ислам дининин калдыктарынан арылуунун жана совет элинин коммунисттик рухта тарбияланышынын ийгиликтүү иш жүзүнө ашырылышы үчүн калктын бардык катмарын камтыган, диндик көз караштардын таралышын четке каккан, ойлонулган жана ырааттуу илимий-атеисттик тарбия керек деп үйрөтөт.

Ислам дининин калдыктарынан арылуунун чечүүчү факторлорунун бири калктын өндүрүштүк иштерге көбүрөөк жана активдүү катышуусун камсыз кылуу болуп эсептелет. Өндүрүштүк жана окуу коллективдеринин таасирдүү көз караштары менен сугарылуусу алардын эскинин калдыктарынан кол үзүүсүн тездетет. Коллективдин арасында адам өзү үчүн керектүү жаңы билим алуу менен өзүнүн жөндөмдүүлүгүн өөрчүтөт, ой жүгүртүүсүн кеңейтет, материалисттик көз карашын бекемдейт. «Индивид,— деп жазышкан К. Маркс менен Ф. Энгельс, — өзүнүн дээриндегилерин ар тараптан өнүктүрүү үчүн ага мүмкүнчүлүк берүүчү каражаттарга коллективде гана ээ болот».

Республиканын кээ бир райондорунда илимий-атеисттик идеологиялык иштин эң жооптуу участогунун коммунисттик тарбиянын деңгээлинен бир канча артта калгандыгы менен элдешүүгө болбойт.

Азыркы убакта дагы эле болсо диндик көз караштарга каршы күрөшкө маани бербеген жана диндик майрамдарга, салттарга келишүүчүлүк менен мамиле кылган кызматкерлердин болгону өкүнүчтүү. Алар атеисттик пропаганданы экинчи даражадагы нерсе катары көрүшүп, кээ бир учурларда диндик үрп-адаттарды өткөрүүнүн себепкери болушат. Ушундай ишенимсиз позицияда туруп жатышкандыктарын алар «биздин заманыбызда дин реакциялык роль ойнобой калды» деп түшүндүрүшөт. Ушуга окшогон ой жүгүртүүлөр андай кызматкерлердин саясий кыска ойлуулугун, диндик идеологиянын илимге каршы реакциялык ролун толук түшүнбөстүгүнүн натыйжасы болот.

Илимий-атеисттик пропагандадагы кетирилип жаткан кемчиликтердин көпчүлүгүн бул иштеги системалуулуктун болбой жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Ал эми атеисттик тарбиянын системасы төмөнкүлөрдү сунуш кылат:

а) бул ишке граждандарды тартуу. Иштин негизинде дагы эле болсо эл катмарларынын бир топ бөлүгү биздин атеисттик чөйрөбүздөн сырткары калууда. Соз бул жерде үй кызматындагы аялдар, пенсионерлер жөнүндө болуп жатат, себеби алардын арасында динге ишенүүчүлөр көп;

б) күндөлүк атеисттик тарбияны мектептерде, атайын орто жана жогорку билим берүүчү окуу жайларында окуган жаштар арасында жүргүзүү. Атеисттик тарбиянын мектептерде начар жолго коюлгандыгынын себеби мугалимдердин бул тарбияны жүргүзүүнү каалабагандыгы эмес, аны кандайча жүргүзүүнү билбегендиги, ал гана эмес педагогикалык окуу жайларынын студенттери атеисттик тарбия боюнча атайын даярдыкты канааттандырарлык деңгээлде алышпагандыгында;

в) үгүт-насыят каражаттарын: көркөм адабият, театр, музыка, кино, живопись ж. б. эстетикалык жана эмоционалдык формаларда таасир берүүгө жана тарбиялоого пайдалануу;

г) атеисттик тарбия берүүдө массалык пропаганда жана агитациянын бардык каражаттарын: маданий агартуу мекемелерин, клубдарды, китепканаларды, музейлерди, көрсөтмөлөрдү, газет-журналдарды, радиону жана телевидениени пайдалануу менен кеңири агитациялык иштерди жайылтуу;

е) атеизм теориясын жана тарыхын изилдөө боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштуруу, ислам643 дининин тарыхын изилдөө, атеизм боюнча окууларды даярдоо;

ж) бир уюмдун агитациялык ишинин башкалар тарабынан кайталанып, көчүрүлүшүн кескин жоюу менен, райондук борборлордо бул иштерди тийиштүү жөнгө салуучу партиялык комитеттердин жетекчилиги астындагы уюмдарды түзүү:

Жаш муундардын калыптанышына курчап турган айлана-чөйрөнүн: мектеп, комсомол, советтик студенттер коллективи менен жакын досторунун ролу чоң. Бул болсо «Өз үйүм, өлөң төшөгүм» деген принцип менен жашап жаткан үй-бүлөлөргө да зор көңүл буруу зарыл экендигин пайда кылат. Себеби мына ушундай үй-бүлөлөр коммунисттик моралга өзүнүн зыянын тийгизет. Атеизмдин башкы милдети жалаң гана эскинин диндик калдыктарын жоюу болбостон, жаштарды атеисттик көз караашта тарбиялоо болуп саналат. Кээ бир так илимдердин жардамы менен адамдар бизди курчап турган дүйнөнүн ичинде кудайга, «ыйыктарга» жана «укмуштууларга» ж. б. орун калтырбайт. Мисалы, астрономия илими ааламдын түзүлүшүн, асмандагы Айдын, Күндүн, планеталардын жана жылдыздардын кыймылда болорун үйрөтөт. Ал илим диндик «тигил дүйнөнүн»— кудайлар жашаган өзгөчө дүйнөнүн болушун жокко чыгарат. Астрономия дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн далилдөө менен, диндин «дүйнөнү таанып-билүүгө мүмкүн эмес» деген жалган ишендирүүсүн жокко чыгарат. Астрономиянын тарыхы диндин көз караштарынын дайыма үзгүлтүккө учурап, алдамчылыгы ашкереленип келгендигин ачык мисалдар менен көрсөтөт.

Азыркы убакта атеисттик темада лекциялар, аңгемелер, кечелер көбүрөөк өткөрүлүп жатат. Көп жерлерде атеисттик советтер түзүлдү. Мисалы, Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдо бешинчи цехтин мастери З. П. Григорьева жетекчилик кылган составында 46 кишини бириктирип турган совет бар. Советтин мүчөлөрү — заводдун атеисттик мектебинин бүтүрүүчүлөрү. Атеисттер тематикалык кечелерди өткөрүп, кинолекторий, атеисттик окуу, заводдун ички радио түйүнүнөн берүүнү уюштуруп, «Сельмашовец» газетасын пайдаланышат. Совет жумушчулардын арасында чоң иштерди жүргүзүп жатат. Алардын иштеринин үзүрүн төмөнкү цифралардан көрүүгө болот: үзүрдүү изденүүлөрдүн натыйжасында совет

2 жылдын ичинде 26 ишенүүчүлөрдү, алардын ичинен 17 баптисттерди аныкташты. Сектанттык уюмдан В. Веселовду (1936-жылы туулган), Е. И. Казаковду (1941-жылы туулган), жубайлар Штендер сыяктуу заводдун жумушчуларын куткарып алууга жетишишти. Алардын бардыгы азыр алдыңкы жумушчулардан болушуп, коомдук иштерге активдүү катышууда. Кай жерде илимий атеизм советинин составына иштин көзүн таба билген эрки күчтүү адамдар шайланса, ал жерде ийгиликтин жаралышы шексиз. Мисал үчүн комсомолдун Ысык-Көл райкомунун алдында уюшулган совет 15 кишиден турат. Советтин жетекчилиги менен райондогу бардык баштапкы комсомол уюмдарында атеисттик бурчтар уюшулган. Семеновка айылынын атеисттер советинин уюштурган жолугушуусунда динден кол үзгөн белгилүү дин кызматкерин Ивановапын жаштар алдында сүйлөгөн сөзү алардын атеисттик тарбиясына зор таасирин тийгизди.

Атеисттердин активдүү күрөшүнүн натыйжасында Араван жана Кара-Суу райондорунда 1970—1974-жылдары онго жакын уруксатсыз мечиттердин болгондугу, кээ бир райондордо жер кесип жүрүүчү молдолор, табыптар тарабынан чайханалар уюштурулгандыгы аныкталган. Чүй районундагы евангел-баптисттердин мектебинин бети ачылган. Жакында Ноокат айылдык Советинде (Ош областында) Смадияровдордун үй-бүлөсү арбактарга сыйынуу шаан-шөкөтүн өткөрүшүп, отуз үйгө конок алышкан. Бир эле жолку коноктордү сыйлоого 30 кой бир жылкы жана бир уй союлган. Иштин аягында көп чыгымдарга түшүү, дин кызматкерлеринин оозеки алкышын угуу менен кала беришкен.

Диндин калдыктарына каршы күрөшту эл алдында, дин кызматкерлеринин үстүнөн ачык соттордү өткөрүү, алардын советтик законду бузуп жаткандыктарын ашкерелөө иштери колдонулууда. Молдолордун, эшендердин, көзү ачык олуялардын жана башкалардын алдамчылык бетинин ачылышы

диндик коз караштардын туткунунда жүргөндөрдүн динден биротоло баш тартуусуна ыңгайлуу шарттарды түзүүдө.

Көпчүлүк шаардык жана райондук комсомол комитеттеринин алдында атеисттик Советтер түзүлүп, баштапкы уюмдарга жаштарды коммунисттик рухта тарбиялоого иштиктүү жардамдарды көрсөтүүдө. Жакшы демилгени Фрунзе шаарынын комсомол уюмдары көтөрүп чыгышты. Пропагандисттерди даярдоочу жер-жерлердеги окуулардан жана борборубуздун жогорку окуу жайларынан тышкары элдик университеттин базасында, атеизмдин Фрунзе шаардык лекториясынын алдында атайын кыргыз кыздарынан турган курс ачылып, үзүрлүү иштеп жатат. Жаштарды атеисттик тарбиялоодо Кыргызстан ЛКЖС БКнын демилгеси боюнча уюштурулган жана республикалык «Билим» коомунун демилгеси менен түзүлгөн атеизм университети радио берүү жана телекөрсөтүүлөрдүн алдында зор иштерди жүргүзүп жатат.

Атеисттик темадагы көп материалдарды республикалык газеталардын жаштар редакциясы жарыкка чыгарууда. Республиканын чыгармачылык уюмдарынын, өзгөчө, «Кыргызфильм» киностудиясынын иштери жакшырып, алар тарабынан атеисттик темада бир нече киноленталар чыгарылды. Кыргызстан сүрөтчүлөр Союзу тарабынан сатиралык альбомдун составына кирген бир нече плакаттар чыгарылган. Бирок динге каршы жүргүзүлгөн лекциялар, кечелер дагы эле болсо каалагандай ийгиликтерге ээ болбой жатат. Кыргызстан КП БКнын жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1969-жылдын 19-августундагы «Совет элинин турмуш-тиричилигине граждандык жаңы үрп-адаттарды киргизүү жөнүндөгү» токтомунда белгиленгендей, дагы эле болсо кеңири түрдө диндик салттар жана үрп-адаттар таркалууда. Орозо айтка, курман айтка каршы турган жаңы майрамдар киргизилбестен, тескерисинче, айттардын салтанат курушуна жол берилүүдө. Партиялык уюмдар, эл депутаттарынын

жергиликтүү Советтери, министерстволор жана ведомстволор мындай жооптуу иштерге көңүл бурушпай, республиканын чыгармачылык союздары бул иштерге начар катышууда.

## ЖАЛПЫ СОВЕТТИК ЖАҢЫ САЛТТАРДЫН ЧЫҢАЛЫШЫ — ҮЙ-ТИРИЧИЛИГИНДЕГИ ЭСКИНИН КАЛДЫКТАРЫНЫН ЖОЮЛУШУНУН НЕГИЗГИ ШАРТЫ

Эмгекчилерди интернационалдык рухта тарбиялоодо үй-тиричилиги социалдык өзгөчө таасирге муктаж болууда. Бул социалдык маселелерге айрым монографиялар арналган. Мисалы, социалисттик коомдогу үй-бүлөлүк мамилелер, үй-бүлөдөгү аялдардын эмгегине А. Г. Харчев, З. А. Янкова, А. Л. Пимановалар, коммунисттик үй-бүлөлүк мамилелерине А. Х. Хашимов, Р. А. Ачыловалар өздөрүнүн ой-толгоолорун ортого салышып, сөз козгошот. Айрым коом таануучуларыбыз социализмдин шартындагы үй-бүлөлүк тиричиликке мүнөздөмө берүү менен үй-бүлөлүк жаңы мамилелердин пайда болгондугун көрсөтүшөт, экинчилери, эскинин калдыктарынын жоюлуш процесстерин изилдөө менен, үй-бүлөдөгү турмуш-тиричиликтин жаңы мамилеринин өсүп чыккандыгын далилдешет. Советтик үй-бүлөнүн мүчөлөрүн жалпы советтик мүнөздөгү сезимге тарбиялоодо, алардын турмуш-тиричилик тажрыйбасынын чөйрөсүндө эскинин калдыктарын жоюуда эң башкы фактор болуп интернационалдык тарбиялоо эсептелет.

Үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин чөйрөсүндөгү интернационалдык тарбиянын социалдык «механизми» кандай деген суроо туулат. Үй-бүлө коомдун социалдык ячейкасы, анын өсүп-өнүгүүсү коомдук тиричиликтин өсүшү менен аныкталары, мында эволюциялык жактан акырындап өсүү, үй-бүлөлүк

турмушка таасир этүү менен анын принциптерин өзгөртүп, жаңы сапаттарды калыптандырары бизге белгилүү. Интернационалдык тарбиянын эң негизги механизми болуп үй-бүлө мүчөлөрү эсептелет, алар өзгөчө нравалык атмосфераны түзүп, жаңы мазмундагы, интернационалдык мүнөздөгү пролетардык интернационализмди калыптандырышат. Ошондуктан совет элинин үй-бүлөлүк турмушунда үй-бүлө мүчөлөрүн башка элдерди сүйүүгө, алардын прогрессивдүү сапаттарын кабыл алууга тарбиялоо интернационалдык тарбия берүүнүн негизи болуп саналат.

Мында интернационалдык тарбиянын социалдык рычагы катары кең түшүнүктө материалдык жана маданий жалпылыктын өзгөрүшүн, өндүрүштүк мамилелердин жана жалпы элдик маданияттын өзгөрүшүн түшүнүү керек. Тар маанисинде алып караганда, бул үй-бүлөлүк турмуш тиричиликтеги болгон өзгөрүүлөрдүн мазмуну интернационалдык мааниде болуусу керек. Качан гана улуттук жана интернационалдык тарбиянын күчтөрү биргелешип таасир көрсөткөндө, жаңы үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик мамилелериндеги элементтердин пайда болушу менен жаңы сапаттагы интернационалдык жана улуттук мамилелер синтезделет.

Мында эгерде интернационалдык тарбиянын элементтери үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин бардык жактарын өз ичине камтыбаган болсо, анда социалдык таасир этүү алсыз мүнөздө өтөт. Жаңы мазмундар улуттук жана интернационалдык тарбиянын элементтери менен жаңы мамилелердин өзгөчө касиеттерин бийигирээк тепкичтеги өнүгүүсүнө алып келет.

Социализмдин үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик мамилелеринде, биринчиден, элдин материалдык шарттарынын жакшыртылышы, аялдардын социалдык шарттарынын жакшыртылышы, аялдардын социалдык теңсиздигин жоюу ж. б., экинчиден, материалдык жактан үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин шарттарынын жакшыртылышы менен катар нрава-

лык зор өзгөрүү болуп, бул өзгөрүүлөр коммунисттик краванын нормасын калыптандырды. Азыркы этаптагы үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин өсүшү ар түрдүү улуттардын үй-бүлөлүк турмуш-тиричилигинин негизинде жалпы Советтик мамилелердин бекитилиши, улуттардын өз ара материалдык жана маданий байлыктары менен алмашуусунун натыйжасында жүрүп жатат. Мында интернационалдык мүнөздүн бекемдеши башка улуттардын үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик салттары улуттун турмуштук талабына жооп бергенде жана улуттун салтына, психологиясына туура келгенде гана болуп өтөт. Совет элинин турмуш-тиричилигиндеги интернационалдык белгилердин калыптанышы үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликте материалдык жагы менен тезирээк жүрөт, адамдын ички дүйнөсүндөгү кубулуштар бир канча жай өнүгөт.

Советтик улуттар социалдык, экономикалык жана маданий жалпылыкка ээ болуу менен үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликте да жалпылыкка ээ. Бул жогоруда айтылган ойлордун тууралыгын элдин турмуш-тиричилигиндеги болгон өзгөрүүлөрдөн көрөбүз, мисалы, турак жайлардын өзгөрүшү, азыркы замандагы ар түрдүү мебелдер. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ишмердиги түп-тамырынан бери өзгөрдү, үй турмушу кооперация түрүндө болуп, үй жумуштарын өз ара бөлүштүрүү өзгөрдү. Эгерде мурда кыргыз улутунун үй-бүлөсүндө эркектер «салт катары» болгон кол өнөрчүлүк, малчылык, эгин айдоо ж. б. менен гана чектелишсе, азыркы күндө үй жумушунун бир тобун өз моюндарына алышты. Улуттук тамак-аштардын советтик ар бир үй-бүлөнүн турмушунда кабыл алынып жатышы: Сибирь пельмени, украин боршу, өзбек палоосу ж. б. үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликке кээ бир эскинин калдыктарынын жоюлушунун күбөсү десек болот. Жакынкы эле жылдары орус эли жылкынын этин жешпесе, кыргыз, казак жана башка Орто Азиялык республикалардын элдери чочконун этинен баш тартып келишкен. Бул өтүп жаткан материалдык мамилелердеги,

үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтеги улуттардын жакындашуусу жалпы советтик үй-бүлөлүк мамиленин калыптанышынын көрүнүшү болуп саналат. Совет элинин турмуш-тиричилигиндеги жаңы салттар жок жерден пайда боло калбагандыгы жана улуттук салттар менен тыгыз байланышта болгондо гана калыптана тургандыгын Турдакун Усубалиев өзүнүн эмгегинде туура белгилеп кеткен[1]. Алардын өсүп жетилишине жана чыгармачылык түзүлүш жагынан баюусуна улуттук салттардын жакшы жактарын пайдалануу, улуттук маданият жана психологиялык ой-жүгүртүү зор таасир тийгизди десек жаңылышпайбыз. Акыркы күндөрү эл арасынан кеңири орун алган айтыш акындардын талантынан жаралган искусствонун бир формасы катарында жаңы социалдык мазмундарга ээ болуу менен майрамдын салтанат күндөрүнүн бирден-бир айрып алгыс бөлүгү болуп калды.

Спорттук оюндар да улуттук салт болуп эсептелет. Айрыкча, күзгү жыйын-терин талаачылык жумуштарынан кийин спорттук-ат оюндарын башка боордош республикалардын өкүлдөрү менен бирдикте өткөрүү зор кызыгууну пайда кылат. Адаттагыдай эле бул салтанаттарды «аламан байге», «кыз куумай» сыяктуу улуттук оюндар көркүнө чыгарат.

Көңүлгө толорлук салт катарында кыргыз элинде улууларга урмат көрсөтүү, ата-энелерди сыйлоо ж. б. кеңири орун алган. Ар түрдүү улуттардын үй-бүлөлүк турмушунда жаңы советтик салттардын калыптануусунун тенденциялары төмөнкү социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде көрүнүп турат[2].

---

[1] Усубалиев Т. У. Дружба народов — наше бесценное завоевание. М., 1977, 259 стр.

[2] Кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхый материализм кафедрасынын жүргүзгөн социологиялык изилдөөлөрүнүн материалдары колдонулду. Бул изилдөө 1967—74-жылдары Фрунзедеги айыл чарба машиналарын куруучу заводдун жумушчуларын, «Ала-Тоо» жана «Первое Мая» колхоздорунун колхозчуларынан (Ысык-Көл областы) оозеки суроо менен жүргүзүлгөн.

Кыргыз ССРинде жаңы үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик салттарынын социалдык-профессионалдык топтордун арасындагы таралышы (сөзеки суралгандардын жалпы санына % менен болгон катышы).

Белгилей кетүүчү нерсе, үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик салттары болгон азыркы кездеги жаңы үйлөнгөндөрдү каттоо, туулган күндү белгилөө сыяктуулар советтик коомдун бардык социалдык топторуна мүнөздүү. Бул тууралу изилдөөчүлөр интернационалдык турмуш-тиричиликтеги фактыларды келтиришет. Ал көбүнчө үй-бүлөдөгү төрөлгөн балдарга койгон аттарга байланыштуу.

Мурда кыргыздар жана казактар өздөрүнүн балдарына арабдардын мусулмандык аттарын коюп келишкен. Ал эми азыркы убакта болсо, алардын кайсы улутка таандыгына карабастан уккулуктуу аттарды ыйгарууга аракет кылышат. Ошондуктан кыргыздардын арасында Марат, Артур, Рустам, Мария ж. б. аттар кеңири таралган.

Таблицадан көрүнүп тургандай, жумушчулар үй бүлөсү жалпы советтик салттын 82,3%тин түзсө, айылдык механизаторлор 80,3%ти түздү.

Талдоо жүргүзгөн таблицадагы социалдык топтордун ичинде (жумушчулардын, инженер-техниктердин ж. б.) ар кандай улуттардын жаңы салттарынын таралышы өсүшкө ээ болду. Мисалы, орус калкынын жумушчулары 82,7%, кыргыз элинде — 81,0%, казак калкында — 82,5%ти түзөт. Азыркы кездеги үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликте советтик улуттардын арасында меймандостук, картаңдарга кам көрүү, карыяларды сыйлоо жана урматтоо сыяктуу жаңы салттар кеңири таралууда.

Бирок башка бир улуттардын салттарына экинчи улуттун салттарынын сиңип кетиши эскинин калдыктары менен аябаган күрөштүн кырдаалында өтүп жатат. Бул социалдык таптык топтордун ичинде кездешет. Таблицадан көрүнүп тургандай, жаңы салттардын таралышында жумушчулар 82,7% түзсө, буга карама-каршы түрдө 75,0%ти талаачылыкта жана мал чарбачылыгында эмгектенгендер

| Социалдык-профессионалдык топтор | Орустар | Кыргыздар | Украиндер | Казактар | Татарлар | Башк. улуттар | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумушчулар | 82,7 | 81,0 | 83,2 | 82,5 | 81,8 | 82,9 | 82,3 |
| Инженер-техниктер | 81,9 | 81,7 | 80,9 | 81,6 | 79,3 | 83,8 | 81,8 |
| Селолук механизаторлор | 79,6 | 77,8 | 81,4 | 80,9 | 81,2 | 80,9 | 80,3 |
| Талаачылыкта жана мал чарбачылыгында эмгектенгендер | 75,0 | 76,1 | 76,4 | 75,5 | 74,4 | 76,0 | 75,0 |

түздү. Бул айырмачылык айтып тургандай эле, айыл-кыштакта жашоочулардын, же болбосо маданий борбордон алыс жашашкан бир улуттун өкүлдөрүнүн арасында эскинин калдыктарынын көбүрөөк сакталып калгандыгын далилдейт.

Кээ бир кыштактарда бош убакыт өткөрүү салтынын формасы катары шерне, жоро, бозо өз күчүндө калууда. Орус калкында өлгөндөрдү диндик салт менен узатуу, үйлөнүүдөгү чиркөөгө барып чокундуруу колхоздук дыйкандардын арасында кездешип калууда.

Ушул убакытка чейин мектептен алаксытып, жашы жете элек кыздарда күйөөгө берүү, эки аял алуучулук, ата-энелердин кыздарын жогорку окуу жайларына жана техникумдарга кирүүгө уруксат этпөөсү кездешип, натыйжада, кыздардын онунчу классты бүтүшүнө тоскоол болуп, алардын коомдон бөлүнүп калышына, комсомол менен коомдук турмуштан жана өндүрүштөн кол үзүшүнө алып келет. Белгилей кетүүчү факт, Орто Азиядагы 16 жаштан 19 жашка чейинки кыздардын үчтөн бир бөлүгү окуусун аяктабастан күйөөгө чыгышат. Исмаилов туура токтолуп кеткендей, кээ бир ата-энелер өзгөчө айылда өздөрүнүн кыздарын күйөөгө чыгууга мажбурлашат, ал гана эмес бойго жете элек кыздардын турмуш курушун аларды окуткан мугалимдери да туура деп эсептеген фактылар кездешет. Алар «элдик салтты» «өнүктүрүп» жана «колдоп» келе жатышат[1].

Коммунисттик курулуштун жүрүшү биздин өлкөдө коомдун ар бир мүчөсүнүн саясий активдүүлүгүнө байланыштуу. Ар бир адамдын эмгекке аң-сезимдүү мамиле кылып, алдыга коюлган жалпы милдетибизди туура түшүнүп, эскинин калдыктары менен аёосуз күрөшүүсүз биз эскинин жосунсуз калдыктарын түп-тамырынан бери соолто албайбыз. Аялдардын аң-сезиминдеги исламдын диндик көз

[1] Исмаилов К. Жалпы советтик салттар жөнүндө. Ф., 1969, 105-бет.

караштарын, кээ бир эркектердин эскинин калдыктарын колдогонун жоюу үчүн аялдардын артта калган көз караштарын жана алардын жумушу жалаң гана үй кызматы менен чектелет деген түшүнүгүн өзгөртүү үчүн кыз-келиндерди көбүрөөк өндүрүшкө тартууга аракеттенүүбүз керек.

Лениндин сөзүн эске алсак, ал аялдардын арасындагы жүргүзүлүүчү иштер тарбия иштери менен тыгыз байланышта болуусу, эркектердин кул ээлөөчүлүк ойлорунун эски көз караштарын майда тамырларына чейин талдоого алып, жана алардын аялдарга болгон ойлорун өзгөртүү жөнүндө айтат.

Биздин турмушубузда социалисттик эмгек жолу адамдарга диндик көз караштардын жалгандыгынын бетин ачып, аялдардын коомдогу ролун туура түшүнүүгө жардам берүүдө. Ленин көрсөтүп кеткендей, аялдардын толук тең укуктуулугу алардын «жалпы өндүрүштүк эмгекке катышуусу менен» активдешип, экономикалык жактан көз каранды болбостон үй-бүлөдөгү аялдардын тең укуксуздугу акырындап толугу менен жоюлат. Аялдарды кеңирирээк коомдук иштерге тартуу үчүн үй чарбасын түп-тамырынан бери өзгөртүү керек.

Үй чарбасынын кээ бир жумуштарын механизациялаштыруу жолу менен эмгекти жеңилдетип, аялдардын бош убактысын көбөйтүүгө көңүл бөлүш керек. Өкмөт менен партия Энгельстин коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өсүшү менен «жеке үй чарбасы коомдук өнөр жайга айланат» деген белгилүү жобосунун тегерегинде бир топ чараларды көрүп жатат. Мисалы: турмуш-тиричилик комбинаттарынын иштери жакшырып келе жатат. Коомдук ашканалардын, балдар бакчаларынын уюштурулушун В. И. Ленин «Коммунизмдин бүчүрлөрү» деп атаган. Алардын уюштурулушу аялдардын эмгегин жеңилдетүү менен алардын тең укуктуулугун камсыз кылып, коомдук турмушта активдүүлүгүн жогорулатат.

Коомдук ашканалардын уюштурулушу, кээ бир колхоздордун тажрыйбасы көрсөтүп жаткандай,

колхозчулардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып жатат. Бул иштин кызуу убактарында мисалы, пахтаны жыйноодо, колхозчулардын эртеден-кечке чейин талаада болушуна мүмкүндүк берет. Наабайчылардын ачылышы аялдарды нан бышыруудан бошотот.

Аялдардын аң-сезиминдеги диндик калдыктарды жоюудагы эң зарыл нерсе жергиликтүү калктан чыккан аялдардын ичинен саламаттык сактоо, элге билим берүү кадрларын даярдоо болуп эсептелет. Кээ бир кыштактарда ушул күнгө чейин саламаттык сактоо кызматкерлеринин аз, же таптакыр жокко эсе, ал эми, көзү ачык олуя табыптардын көбүрөөк болушу таң калардык нерсе. Саламаттык сактоодогу кызматкер аялдар эскинин калдыктарын жоюуда чоң жардам болушмакчы. Алар эл арасында санитардык тазалык, жаш кыздарды күйөөгө берүүлөрдүн зыяндуулугу ж. б. тууралу айтып беришмекчи. Эскинин калдыктарынын сакталып калышы төмөндөгүдөй себептерден: биринчиден, адамдардын аң-сезиминде улуттук салт катары айрым эскинин калдыктарынын эсептелүүсүнөн; экинчиден, дагы эле болсо экономикалык теңсиздиктин жашап турушунан; үчүнчүдөн, улуттук бир жактуулуктан жана айыл-кыштактарда турмуш образынын аз кыймылдуулугунан болуп жатат.

Эскинин калдыктарынын советтик үй-бүлөдө жашап жатышы менен жатып ичерлер биздин коомубузда 4,2%, аракечтик 12% түзөрүн оозеки суроонун натыйжасы көрсөтүп турат. Азыркы кезде башкы максат — үй-бүлөнүн тазалыгын сактоо, эскинин калдыктарын жоюу, коммунисттик жаңы үй-бүлөлүк мамилелерди калыптандыруу.

Эскинин калдыктарына каршы болгон күрөштө эң башкы формаларды: жолдоштук маектешүүнү, коомдук талкууну ж. б. өркүндөтүү менен аны идеологиялык башкы куралга айландыруу зарыл. Эскинин калдыктарын үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликте жоюунун дагы бир башкы фактору-үй-бүлөлүк нике союзунун өзгөрүшү. Жаңы баш кошкон

жаштардын бир тобу ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү экендигин турмуш өзү көрсөтүп жатат. Социолог изилдөөчүлөр: «Көбүрөөк жолугуп жаткан нерсе бул ар түрдүү улуттардын жаш өкүлдөрүнүн нике союзунун түзүлүшү, кыргыз уландарынын өзбек, татар кыздарына үйлөнүшү кездешүүдө»[1]. «Жубайлардын бири-бирине таасир этүүсү, бир калктын салттарынын экинчи калктын кабыл алып сыйлоосун пайда кылуу менен элдердин жакындашуусун тездетет. Бул мисалы, орус менен кыргыз баш кошкон үй-бүлөнүн мүчөлөрү орус жана кыргыз тилдеринде жакшы сүйлөшөт, бул болсо өз учурунда интернационалдык тарбиянын калыптанышына таасирин тийгизет. Мындай жакындашуу эскинин калдыгы болгон улутчулдук көз карашты жоюуга жардам берет. Өзүмчүлдүк, шовинизмдик көз караштардын бетин ачуу менен аны четке кагып, айрыкча, Орто Азия элдеринин европалыктар менен нике союзун түзүшү кээ бир эскинин салттарын, мисалы, калың төлөө, жаштардын макулдугусуз эле кудалашууну жокко чыгарат»[2]— деп белгилеп кетишет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде орус жана кыргыз калкынын өкүлдөрүнөн турган жаңы үй-бүлөлөрдүн пайда болушу интернационалдык сезимди тарбиялоого жана коммунисттик нраваны калыптандырууга зор таасир көрсөтүүдө. Нике союзунун ички түзүлүшүнүн өзгөрүшү улуттардын түнттүгүн жокко чыгаруу менен улуттук мамилелерди жакындаштырат. Бул социализмдин тушундагы улуттардын эки тенденциясынын өнүгүшү: өсүп-өнүгүү жана жакындашуусу жаңы жогорку баскычтагы улуттук мамилелерди пайда кылуу менен коммунисттик коомго мүнөздүү болгон Совет элин өстүрүп чыгат. Советтик үй-бүлө мүчөлөрүнө коммунисттик мами-

---

[1] Жумагулов А. № 54-жылкы заводунун жумушчуларынын маданияты жана турмуш тиричилиги. Ф., 1969, 37-бет.

[2] Ачылова Р. Улуттар аралык никенин өсүү тарыхынан. Ф., 1966-жыл, 153-бет.

лелердин калыптанышы менен совет эли өзүн бүткүл, адамзаттын гумандуулугуна тарбиялап жатат. Бул закон ченемдүүлүктүн негизинде советтик үй-бүлөнүн турмуш-тиричилигинде интенсивдүү мүнөздөгү жакындашуу процесстери биздин өлкөнүн элдеринин улуттарынын ортосунда жүрүп жатат.

Ал баарыдан мурда коомдук түзүлүшкө, объективдүү закон ченемдүүлүк катары социализмдин өнүгүүсүнө улуттардын жакындашуусун жана бирибирине биригишинин темпин ыкчам түрдө тездетет, өнүктүрөт, эмгекчилердин бирдиктүүлүгүнүн тыгыз болушуна өтүүнү камсыз кылат.

## ЭСКИНИН КАЛДЫКТАРЫН ЖОЮУДА ЖАҢЫ ПРОГРЕССИВДҮҮ САЛТТАРДЫН РОЛУ

Эскинин калдыктарын жоюу, анын ичинен диндик көз караштарды жоюу коммунисттик коомду куруудагы жалпы закон ченемдүүлүк болуу менен бул прогресс абдан татаал жана узакка созулат. Дин бул коомдук аң-сезимдин бир формасы катары өзүнчө өзгөчөлүккө ээ, ал өз бетинче болуу менен коомдук аң-сезимдин башка формаларынын кубулуштары менен тыгыз байланышта болот.

Эскинин калдыктарын жоюуда чечүүчү мааниге коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү болуп эсептелет. Анын түзүлүү мезгилинде эскинин калдыктарынын жашап, жанданышына шарт түзгөн социалдык-экономикалык психологиянын факторлорунан болгон жеке менчиктин белгилери жоголот. Ошонун натыйжасында жаңы коммунисттик мамилелердин бекемделиши менен эмгекчилердин маданий-техникалык деңгээли өсөт. Эскинин калдыктарынын жоюлушундагы закон ченемдүүлүктүн формалары жана методдору өлкөнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Бул закон ченемдүү процесс Орто Азия республикала-

рында, биздин көз карашыбыз боюнча, төмөнкүчө өтүп жатат: биринчиден, эскинин калдыктары жоюлуп бара жатат. Экинчиден, ислам дининин калдыктарынан элдин аң-сезими толук арылып, жаңы турмуштун салттары элдин аң-сезиминен, турмуш-тиричилигинен терең орун алуу процесси жүрүп жатат. Эскинин калдыгы катары улутчулдукту түп-тамырынан бери жоготуудагы күрөштө эмгекчилерди интернационалдык рухта тарбиялоо зор мааниге ээ.

Орто Азия республикаларында интернационалдык тарбиянын мектеби катарында республикалардын шаарлары, кыштактары жүргүзгөн социалисттик мелдеши кызмат кылууда. Мисалы, Фрунзе шаары социалисттик мелдешке Дүйшөмбү шаарын чакырган. Социалисттик мелдештин жүрүшүндө бирин-бири өз ара текшерүү уюштурулат, алдыңкы ишканалардын жетишкендиктерин үйрөнүшөт. Чоң кызыгууну адабияттын жана искусствонун бир тууган республикалардын ортосундагы он күндүк декадасы туудурууда. Интернационалдык тарбиянын жанданышына өлкөнүн ар түрдүү шаарларына экскурсияларды уюштуруу, китептин жумалыгы, бир айлыгы, жаштардын фестивалы, зоналдык экономика, маданият жана илим жагынан кеңешмелери шарт түзүүдө.

Элдердин аң-сезиминдеги эскинин калдыктарын, үй турмуш-тиричилигиндеги кемчиликтерди жоюуда жана коммунисттик турмуш-тиричиликти калыптандырууда жаңы салттардын, үрп-адаттардын, коммунисттик моралдын принциптерине толук жооп бере тургандарын түзүү зор ролду ойнойт. Мында граждандык салтанаттарды өткөрүүдө алардын кооз болушун жана чын дилинен чыккандай кылып тартуулоонун чоң мааниси бар. Бирок биз ушул күнгө чейин эскинин салттарын толук сүрүп таштаганга мүмкүнчүлүгү бар жаңы салттарды жарата албай жатабыз. Көптөгөн элдердин тарыхында ар түрдүү формадагы элдик ар түстөгү боёкторго жана маанилерге бай мазмундагы салттар пайда

болгон. Бирок бул салттар диндик көз караштар менен чиеленишип калган. Кээ бир салттар жана үрп-адаттар диндик чөйрөдөн өсүп чыгуу менен тарыхый өсүүдө элдик турмушка жакындап калган, алар аз да болсо диндик боёкторду жоготуп коюшкан. Ошондуктан эң башкы милдет болуп, диндик көз караштагы салт менен элдик мүнөздөгү салттардын, үрп-адаттардын ортосундагы кырды туура таба билүү эсептелет.

Коммунисттик партия ар түрдүү улуттардын прогрессивдүү салттарын колдоо менен катар аларды бүткүл Совет элинин салт казынасына айландырууда. Коммунизмди куруунун процесстеринде көпчүлүк үй турмуш-тиричилик салттары граждандык мүнөзгө ээ болуу менен, алардан диндик кабыкчалар сыйрылып ташталат.

Кийинки жылдарда Орто Азия республикаларынын идеологиялык кызматкерлеринин кеңешме — семинарынын атеисттик тарбия жөнүндөгү маселелеринде жана Союздук республикалардын Компартияларынын Борбордук Комитеттеринин Пленумдарында жана Министрлер Советтеринин заседаниелеринде жаңы созеттик үрп-адаттарды таратуу жөнүндөгү чараларды караштı. Мында айтылып кеткендей, совет бийлигинин жылдарында, совет элинин турмушунда чоң социалдык, коомдук-саясий, экономикалык кайра куруулар элдердин дүйнөгө болгон көз караштарында, маданиятында өзгөрүүлөр болуу менен жаңыча турмуш-тиричилик маселелери түзүлүүдө, аялдардын толук азаттыгы камсыз кылынды деп белгилешти. Элдердин маданий деңгээлинин мындан ары жогорулашы, ислам дининин, үй-бүлөлүк турмуш-тиричиликтин жана жаш дүйнөнүн өсүүсүнө ар тараптан тоскоол кылып келген элементтеринен кутулууга алып келери баса көрсөтүлдү.

Тарыхый өнүгүүгө жараша, ар түрдүү өлкөлөрдө жана ар түрдүү элдерде ар кыл салттар өнүгөт, бирок бардык жерде алар бири-бирине карама-кар-

шы болгон эки топко жаңыча жана эскиче, прогрессивдүү жана регрессивдүү болуп бөлүнүшөт.

Жаңы салттар менен прогрессивдүү салттарды эки түрдүүчө кароого жарабайт. Себеби жаңы салттар прогрессивдүү, революциялык жана жалпы адамзаттын салттарынын ичинде болуу менен коомдун өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүгүн көрсөтүп турат. Жаңы салттар — бул тар мааниде караганда Совет бийлигинин биздин өлкөдө орнотулганынан кийин өсүп чыккан десек жаңылышпайбыз. Жалпы советтик салттар — бул жогорку типтеги спецификалык жалпы советтик коомдук мамилелердин адамдардын аң-сезиминде, жүрүш-турушунда бекемделишинин, жалпы бирдиктүү экономикалык, бирдиктүү Ата Мекендин, социалдык таптык түзүлүшүнүн, дүйнөнү таануусунун, күрөшүнүн максатынын биримдигинин жана моралдык түзүлүшүндө жалпы белгилердин психологиясындагы жалпы СССР элдеринс таандык мүнөздөрдүн бирдиктүүлүгү. Революциялык салттар — бул көптөгөн кылымдар бою эмгекчилер массасынын революциялык күрөшүнүн, эзүүчүлөргө каршы өздөрүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшүнүн натыйжасында пайда болгон салттар.

Революциялык салттар өздөрүнүн башкача түшүнүгүндө социалисттик коомдо мүнөздүү болгон жаңы салттарды кучагына алуу элдердин ортосундагы жаңы сапаттагы мамилелерди ачып көрсөтүү социалисттик коомдун надстройкасынын башкы элементтерин түзөт. Революциялык салттар жүз жылга чейинки тереңдикте тамыр алуу менен буржуазиялык идеологияга каршы күрөштө башкы курал болуп калды. Аларды өздөштүрүү жаңы адамды тарбиялоого, коомдун гармоникалык өсүшүнө шарт түзөт.

Прогрессивдүү салттарды жана үрп-адаттарды өнүктүрүү менен коммунизмди куруу процессинде алардын мазмунун байытуу аркылуу, консервативдүү жана зыяндуу жактарын жоюуга коомчулуктун күчүн жумшоо зарыл. Совет адамдарынын турму-

шунда жалпы советтик салттардын формасы болгон «Жаз майрамы»; «Балдарды коргоо күнү», «Жай майрамы», «Алтын күз», «Кышты узатуу» жана башка көптөгөн салттар кеңири таралган. Адамдардын жекече турмушунда кездешүүчү салттардан болуп, нике кыюудагы салтанат, туулган күнду белгилөө үрп-адаттары үйлөнүү тоюнун 25 жылдык, 50 жылдык салтанаттары ж. б. коомчулук тарабынан кеңири колдоого алынууда.

Улуттардын жакындашуу процессинде кээ бир улуттук салттар интернационалдык салтка өтүп, интернационалдык мамилелер улуттук салтка айланууда. Улуттук салттардын гүлдөп өсүшү жана алардын жакындашуусу аркылуу биз алардын социалисттик мазмунга айлангандыгын жана алардын идеялык негизинин чыңдалышын көрөбүз. Социалисттик салттардын формалары интернационалдык элементтер менен толукталып, элдердин тиричилик салттарын байыттууда. Бул революциялык майрамдардагы эмгекчилердин демонстрациясы, үйлөнүү никесинин салтанаттуу түрдө катталышы, жаңы үйлөнгөндөрдүн эстеликтерге гүл коюусу, үйлөнүү шакекчелери менен алмашуусу ж. б. байкалууда. Жаңы жылды бардык элдердин өкүлдөрү жакшынакай жасалгалуу балатылар менен тосууга, аяз ата жана кымкар кыз, балмаскарад уюштуруунун күбөлөрү болуп жатат. Мурда СССР элдеринин көпчүлүгүндө жаңы жылды тосуу салттары болгон эмес.

Советтик турмуштун өрнөгү болуп элдердин достугу эсептелет. Бул достук да өз салттарына ээ, азыркы күндөрдө ар тараптан кызматташтык күчөөдө, алар экономикалык, социалдык, саясий турмушта ачык көрүнүп турат. Элдердин ортосундагы достуктун чыңдалышы айрыкча натыйжалуу түрдө социалисттик мелдештин эмгек коллективдеринин ортосунда күч алуусунун шартында өтүп жатат. Мисалы, Ош областынын пахтачылары менен Анжиян областынын пахтачыларынын ортосунда мелдеш жүрүп жатат. Улуу Октябрь, Жеңиш майрамы,

1-Май эмгекчилердин тилектештигинин куну Совет элинин турмушунда шаңдуу өтүүдө. Бардык жерлерде окуучуларды пионерге, комсомолго кабыл алуу салтанаттары, уландар менен кыздарга комсомолдук билеттерди тапшыруу, жаштардын В. И. Лениндин эстелигинин алдында ант берүүсү, революциялык жана күжүрмөн жерлерге жүрүштөрдү уюштуруу окуялары кеңири белгиленүүдө. Кубана турган окуялардын бири болуп, жаштарды Советтик армиянын катарына эмоционалдык сезимине таасир этүүчү салтанаттуу узаттуулардын болгондугу салтка айланып келе жатат. Булардын бардыгы биздин социалисттик коомдук укладыбыздын артыкчылыгы.

Үрп-адаттардын ичинен дагы бир айта кетүүчү нерсе бул турмуш сапарынан кеткендерди узатуу, аларды эске салуу, күмбөздүн башындагы аза күтүү митингдерин өткөрүү, алардын мүрзөсүнө гүл жана венокторду коюу салттары эскинин калдыктарынын жоюлушу менен советтик жаңы салттардын эл арасында кеңири колдонула баштагандыгынын негизги далили. Жаңы Советтик жалпы салттар жана үрп-адаттар социалисттик коомдук өндүрүштүк мамилелеринин таасиринде пайда болуу менен ар бир элге улуттук салт катары алардын турмуш дүйнөсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул жерде салттар менен үрп-адаттар өздөрүнүн мазмуну боюнча терең интернационалдык мааниге ээ болот, себеби улуттук алкакта эле чектелип калбайт. Мына ушул мааниде жаңыча көп улуттуу Совет элинин салттарын өнүктүрүү алардын ортосундагы бир тууугандыкты бекемдейт. Булардын мазмунунда пролетардык интернационализм, советтик патриоттуулук жана коммунисттик гумандуулуктун принциптери жатат. Жаңы советтик турмуш-тиричилик салттарынын «таза» улуттук салттар менен болгон катышы ар түрдүү калктардын ички турмушунда өзгөрүүлөрдүн болгондугун далилдейт. Мисалы, Кыргызстандын эмгекчилери оозеки сурап чыкканда белгилүү болгондой жалпы советтик салттарды

62,2%, улуттук салттарды, же үрп-адаттарды 12,7%, жалпы советтик жана улуттук салттарды 25,1% кармашат.

Исмаилов К. прогрессивдүү улуттук салттар жана үрп-адаттар жөнүндө туура жазган, ал: «Кыргызстандын айыл- кыштак жерлеринде жаңы төрөлгөн балдардын туулган күнүн белгилөө, бешик той өткөрүү, жентек бермей, тушоо кесмей деген салттар мурда колдонулуп, прогрессивдүү мүнөзгө ээ»[1] — дейт.

Советтик Кыргызстандын шартында жашоо менен башка улуттар да балдардын тушоосун кесүү сыяктуу майрамдык салтты колдонушууда. Мисалы: орустардын 75,2%ти, украиндердин 77,9%ти, казактардын 78,5%ти бул салтты колдонушууда, фактылар корсөтүп тургандай, айылдык жашоочулардын турмуш-тиричилик салттарындагы жаңы жалпы салттардын өнүгүүсүн көрөбүз. Мындан аркы Совет элинин коммунизмдин курулушунда интернационалдык мүнөздөгү тиричиликтердин жакындашуусу менен жалпы советтик тиричилик салттарынын бекемделиш процесси жүрүп жатат.

Бул жагдайда изилдөөчүлөрдүн ою менен макулдашпай коюуга болбойт, бүгүнкү күндө да улуттук прогрессивдүү салттардын турмуш-тиричиликтеги элементтерин башка улуттар кабыл алышууда. Мисалы, кыргыз элинин меймандостук салттарынын түрү болгон улуттук тамактар менен сыйлоо, кырсыкка учурагандарга жардам берүү салттарын суралган Фрунзе атындагы заводдун 95,7% жумушчулары, Ысык-Көл областындагы 1-Май колхозунун 90,0% эмгекчилери өздөрүнө кабыл алышкандыгын ырасташкан. Жогоруда көрүнүп тургандай, социализмдин шартында улуттук салттар өз ара бирибирине таасир этүү менен биринин мазмунун экинчиси толуктап турат. Алардын ичинде жалпы советтик, интернационалдык мүнөздөр калыптануу

---

[1] Исмаилов К. Жалпы советтик салттар жөнүндө. Ф., 1969, 105-бет.

менен ар тараптан өнүгүп жатат. Айта кетүүчү сөз, бул прогрессивдүү салттар жалпы элдик мүнөздү алып жүрүү менен, муундан-муунга өтүп, ар дайым өнүгүп турат. Нукура элдик эң жакшы салттар коммунисттик жаңы адамды тарбиялоого жана турмуш-тиричиликтин жакшыртылышына шарт түзөт. Реакциялык мүнөздөгү консервативдүү таптык салттар уруулардын феодалдык мамилелердин зыяндуу калдыктарынан жаралат.

1980-жылдын 19-апрелинде бүткүл Совет эли Совет мамлекетинин турмушундагы болуп өткөн белгилүү датаны мындан 61 жыл мурда Москва-Сортировочная жана Москва-Казань темир жол депосунун жумушчулары коммунисттик ишембилик өткөрүшкөн күндү белгилешти. Ленин бул ишембиликтен коммунисттик эмгектин учкунун көргөн. Мына ушундан кийин Совет эли жаңыча эмгек мамилелерин түзүү менен, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, аң-сезимдүүлүк менен жаңы эмгек тартибине өттү.

Пайдалуу прогрессивдүү салттарга Чыгыш элдериндеги ашарды да алып кароого болот. Ашар бул өз ара жумушка жардам берүү, ишембиликтерге катышуу ж. б. Ашар кээ бир кыйынчылыктуу эмгекти талап кылган жумуштарда колдонулат. Мисалы, үй салганда, пахта, тоют, эгинди ж. б. жыйноодо колдонулат. Ашар салты Октябрь революциясына чейин эле пайда болгон. Бул салт бийлиги барлардын кол алдындагы элди коллективдүү бекер иштетүүнүн бирден-бир куралы болгон.

Совет бийлигинин жылдарында ашар жаңыча мааниге ээ болду, бул жогорку аң-сезимдүүлүк чыныгы ыклас менен жолдоштук жана коммунисттик өз ара жардамдашуу, эмгекке коммунисттик мамиле кылуу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ашар азыркы күндө элдин турмушунда көнүмүш болуп калды. Түштүк райондорунда пахта жыйноо мезгилинде шаардын жашоочулары колхоздорго жана совхоздорго дем алыш күндөрү барып жардам көрсөтүшүүдө. Ашар жеке максатта да колдонулуу-

да. Бул чакырылган күнү демилге көтөргөн адам өзүнүн жолдошторун, жакын тууганадарын сыйлагандан кийин алар бирдиктүү түрдө тез эле ишти бүтүрүп коюшат. Жети-Өгүз районундагы Барскоон мектеп-интернатынын мугалими улуту боюнча татар М. Баезитов өзүнүн досторун: орус Н. Костюковду, татар А. Абдуллинди, өзбек Н. Мусакуновду, кыргыздар: У. Серкебаев, У. Акимбаевди ашарга чакырды. Алар 2 бөлмөлүү үй тургузууга жардам беришип, азыр Баезитов ошол үйдө жашап жатат.

Ашар кээ бирде 40—50 кишини ичине камтып, жеке максат менен кызмат убактысында өткөрүлүшү коомдук ишке, эл чарба пландарын аткарууга тоскоолдук кылышы мүмкүн. Ошондуктан алардын бош убактарда өткөрүлгөнү максатка ылайыктуу.

Биздин коомдо жаңы салттардын калыптанышына КПССтин жана башка коомдук уюмдардын ишмердигинин чоң таасири тийүүдө. Эмгек салттарынын майрамдары жана үрп-адаттары биздин коомубуздун бөлүнбөс жактарынан болуп калды. Эмгек салттарынын жаңыларын жаратууда Ош областынын айылдарында иш жакшы жолго коюлган. Мисалы, акыркы жылдары Өзгөн районунда 119 коомдук комиссия түзүлүп, активдеринин саны 600 кишиден ашты. Алар салт катары малчылар күнүн, тамекичилер күнүн, механизаторлор күнүн, саанчылардын слетторун өткөрүшүүдө. Райондо сезимди жылытарлык дагы бир салт пайда болду. Ал — картаң чабандарды салтанаттуу түрдө пенсияга узатуу. Ош областындагы «Куршаб» совхозунун чабаны Али Туркабаевдин 1974-жылы белгилүү чабан катары пенсияга узатуу болду. Бул кечеде 300дөн ашуун эмгекчилер болушту. Чыгып сөз сүйлөгөндөр чабандын ардактуу жана сыйлуу кесибине токтолушту.

Жаңы салттар биздин коомубуздун закон ченемдүүлүгүн чагылдыруу менен гана эмес, бүткүл социалисттик системадагы жаңы коомдук мамилелерди бекитүүдө.

Жети-Өгүз районундагы Саруу айылында 15 жыл мурда жакшы жолго коюлган комсомолдук үй-

лөнүү тоюна Советтик Армиянын катарына узатууга, май айында — чабандар күнүн, июнда — саанчылар күнүн, күздө — дыйканчылык күнүн белгилөө өңдүү жаңы үч майрамдык салт кошулган. Жыл сайын бул майрамдар шаңдуу жана көңүлдүү өткөрүлөт. Майрамдарда учкул сөздүү жамакчылар чогулушат, жигиттер күчтөрүн улуттук оюн-оодарышта сынашат, кыздар ат чабууну, кыз-куумайды элге тартуулашат. Аксакалдар Советинин председатели Б. Алдашев: «Эс алуу адамга эмгек сыяктуу эле керек нерсе. Ошондуктан аны музыка, ыр, бий, шаттык менен коштоо керек. Бир сөз менен айтканда майрам бир күндүк, а кубаныч бир айга жетсе...»[1]— дейт.

Турмушта жаңы салт—жумушчулардын катарына өтүү киргизилүүдө. Мындай салттын пайда болушу зор тарбиялык мааниге ээ, ал жумушчу сыймыкты, коллективдин алдындагы жогорку жоопкерчиликти пайда кылат. Кээ бир жаштардын райондук партия комитетине жана комсомол комитетине келишип, заводдорго жиберишин өтүнүшкөнү таң каларлык эмес. Мындай прогрессивдүү салттар колхозчулардын турмушуна да терең сүңгүп кирип бара жатат. Жаңы салттардын пайда болушу коммунисттик моралдын принциптеринин суроолоруна толугу менен жооп берип, жаштарды коммунисттик рухта тарбиялоодо чоң роль ойноодо. Эскинин диндик көз караштагы салттарын таштанды сыяктуу ыргытып салып, элдик чыгармачылыктан таралган салттар менен советтик салттарды бириктирүү, коммунизмдин курулушунда моралдык кодекстин нормаларындагы салттарды калыптандыруу биздин жалпы милдетибиз. Эски реакциялык салттар элдин аң-сезимин ууландырууга аракеттенгени менен, прогрессивдүү салттар эл арасында жаңы сапатты алууда, граждандык жана улуттук салттардын учурлары өзгөрүү менен эски салттарды турмушубуздан сүрүп таштоодо.

---

[1] «Советская Киргизия, 1974 г., 1 апреля.

# АЯЛДАРДЫН САЯСИЙ ЖАНА КООМДУК АКТИВДҮҮЛҮГҮ — ТУРМУШТУН СОЦИАЛИСТТИК ОБРАЗЫНЫН АЖЫРАГЫС БӨЛҮГҮ

Аялдардын тең укуксуздугунун жоюлушу, алардын эмгекке жана коомдук саясий турмушка активдүү катышышы советтик турмуш образынын ажырагыс бөлүгүнөн болуп эсептелет.

Совет мамлекетинин жашоосунун биринчи күндөрүнөн тартып эле аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу жарыяланган болучу. В. И. Ленин 1918-жылы Советтердин Бүткүл Россиялык II съездинде мамлекеттик турмуштун бардык тармактарын башкарууга аялдардын эркектер менен бирдей деңгээлде катышуусу жөнүндөгү маселеге айрыкча токтолуп, чоң милдеттерди койгон. 1977-жылдагы Конституция коомдун өнүгүшүнүн азыркы деңгээлин эске алуу менен лениндик көрсөтмөлөрдү жетекчиликке алып, аны толуктап, андан ары кеңейтип, бул тең укуктуулукту кайрадан бекитти. Бул укуктардын ишке ашырылышы билим жана профессионалдык даярдык алууда, эмгекте, ал үчүн акы алууда, кызмат боюнча көтөрүлүүдө, коомдук-саясий жана маданий иште аялдарга эркектер менен тең мүмкүндүктөрдү берүүнү гарантиялайт. Ошондой эле аялдардын эмгегин жана саламаттыгын коргоо боюнча атайын чаралар менен аялдарга эмгекти энелик милдет менен айкалыштырууга мүмкүндүк берүүчү шарттарды түзүү...»[1] деп белгиленет.

Кыргыз аялдарын ислам дининин туткунунан куткарууга аялдардын сабатсыздыгын жоюуга арналган ликбездердин уюштурулушу, кыздар интернаты, аялдар клубу, жогорку окуу жайларынын

---

[1] Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун Конституциясы (Негизги закону). «Кыргызстан», Ф., 1978-жыл, 18-бет.

партиялык уюмдарынын алдында уюшулган аялдар бөлүмдөрү зор ролду ойноду. Аялдардын коомго болгон жаңы көз караштарын калыптандырууда адабияттын жана искусствонун мааниси да зор болду.

Аялдардын коомдук саясий активдүүлүгү алардан жогорку деңгээлдеги сабаттуулукту талап кылат. Совет бийлигинин жылдарындагы социалисттик зор өзгөрүүлөр, Чыгыш элдеринин материалдык жана маданий деңгээлинин жогорулашы аялдардын массалык түрдө динден четтешин ылдамдатты.

Азыр Советтер Союзунда 126,2 млн. аял калктын 54%тин түзөт, 92 миллион аял Октябрь революциясынын жеңишинен кийин төрөлүшкөн. Илимий кызматкерлердин арасында 254,8 миң аял эмгектенет, алардын ичинен 36 миң аял окумуштуулук даражага ээ, 1000 аял академик, профессор, 425 аял СССР Жогорку Советинин депутаты болуп акыркы шайлоолордо шайланышкан. Жогорку окуу жайлардын студенттеринин ар бир экинчиси — кыз-келин. Эл чарбасынын өндүрүш тармактарында эмгектенип жатышкан ар бир миң аялга 1974-жылы жогорку жана орто билимдүүлөрү 739 адам туура келсе, ал эми эркектерге — 737 киши туура келген. Чындыгында орто билим деңгээли боюнча аялдар эркектердин деңгээли менен теңелип калды. Алардын бүгүнкү күндөгү билим деңгээлин отузунчу жылдардын баш чени менен салыштырсак, анда таптакыр башкача көрүнүшкө дуушар болобуз. 1919-жылы биздин республикада 16 кыз-келиндер мектеби 962 кишини ичине алган. Азыркы жетимишинчи жылдары республикабызда окуп жаткандардын 45%тин кыргыз аялдары түзөт. Жогорку окуу жайларында 52% кыз-келиндер окушат. Жогорку маалыматтуу врач аялдар республикада 63%, орто маалыматтуулары 92%, инженерлер 30%, орто техникалык кызматкерлер 35%ти түзөт.

12,5 миң илимий-педагогикалык кызматкерлердин жарымынан көбүрөөгүн аялдар түзөт. Алардын

ичинен 35 адам илимдин доктору, 730дан ашууну илимдин кандидаттары. Республиканын илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттери: Исабаева В. А., Орузбаева Б. А., Керимжанова Б. К. Рыскулова жана илимдин докторлору: С. Аймухамедова, А. Ф. Усманова, Ж. С. Татыбекова, Г. Жаманкуловалардын ысымдары республиканын аймагынан тышкары белгилүү.

Азыркы убакта кыргыз аялдары инженер-электрик, тоо мастери, механизатор, автоматтык башкаруу инженери деген жаңы кесиптерди өздөштүрүүдө. Кыргыз аялдарынын ичинен техникалык илимдердин проблемаларын изилдөөгө катышкандар бир топ эле болуп калды, ал турсун бул маселелер боюнча илимий даражаларга жетишкен кыз-келиндер да кездешет. Мисалы, био-химиялык кубулуштарды изилдөө иштерине Кыргыз илимдер академиясынын кыргыз аялдарынын ичинен техникалык илимдеринин доктору С. Аймухамедова, техникалык илимдеринин кандидаты куруучу А. Жумадылова, тоо басымдарынын кубулуштарын изилдөөдө техникалык илимдеринин кандидаты З. Артыкбаева жана башкалар илим-изилдөө мекемелеринде үзүрдүү эмгектенип жатышат.

Эл чарбасынын ар түрдүү тармактарында, маданиятта аялдар активдүү катышпаган жер жокко эсеп. Кыргыз республикасынын эл чарбасында 350 миң аял эмгектенип жаткандыгын айтсак жетиштүү болоор. Изилдөөлөр көрсөткөндөй өнөр жайында 51%, соода, комдук тамак-аш ишканаларында, даярдоо, материалдык-техникалык жабдууда, маданий-агартуу тармактарында 64%, саламаттыкты сактоодо 82% аялдар эмгектенүүдө. Кыргыз республикасында Мекенибиздин эмгек жолунун даңктуу сапарын улантуу менен жаңы салттарды байыткан эң сонун кызматкер аялдар өсүп чыгышты. Эмгектеги жетишилген ийгиликтери үчүн жана Бүткүл Союздук социалисттик мелдеште алдыга озуп чыккандыгы үчүн, тогузунчу беш жылдыктын пландарын мөөнөтүнөн мурда орундаткандыгы үчүн СССР

Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Сузак районундагы Фрунзе атындагы колхоздун бригадири Жумабаева Анакызга Социалисттик Эмгектин баатыры деген наам ыйгарылган. Жакында эле Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети «Октябрдын 40 жылдыгы» кийим тигүү фабрикасынын уздары М. Турдалиева, В. Балаева менен С. Кулматованын баалуу саамалыктарын жактырды. Алар КПСС БКнын совет элине Кайрылуусунан туура тыянак чыгаруу менен, беш жылдыктын аягына чейин дагы бир беш жылдык планды аткарабыз деген демилге көтөрүп чыгышты.

Эл чарбасынын тармактарында эмгектенишкен С. Ногоева, К. Мукашева, К. Сулайманова, Г. Эрматова жана Т. Турдубаева өңдүү белгилүү адамдар өздөрүнүн иштеринин устаттары катары өлкөнү башкарууга активдүү катышып жатышат. Алар мамлекеттик иштерди башкарууга түздөн-түз катышкан эл массасынын өкүлдөрү, Жогорку Советтин депутаттары.

КПСС БКнын XXV съездине делегат болуп 25,1% аялдар жалпы делегаттардын санына шайланышкан. Көпчүлүк аялдар көрүнүктүү партиялык кызматкерлер, алар КПСС БКга мүчө болуп шайланышкан, Борбордук текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү. ВЛКСМдин катарында миллиондогон кыздар бар. Алардын 30%ке жакыны — ВЛКСМ БКнын, областтык, крайлык комсомол комитетинин кызматкерлери. Ал эми Жазуучулар Союзунда — 1,031 миң аял мүчө болсо, Журналисттер Союзунда — 3720, Архитекторлор Союзунда — 3763 аял бар.

Бүткүл союздук ойлоп чыгаруу жана рационализаторлук сунуш киргизүүдө аялдар 1,5 миллионго чейин жетет. Акыркы шайлоолордо жергиликтүү Советтердин депутаттыгына 1 миллион 39 миң аял көрсөтүлгөн. Өлкөнүн Жогорку Советине 31,5% аял депутат болуп шайланган. Биздин өлкөдөгү жогорку бийликтин органы болгон СССР Жогорку

Советинде 13 аял — Кыргызстандан көрсөтүлгөн депутаттар.

Мунун бардыгы советтик аялдардын, атап айтканда, кыргыз аялдарынын социалдык облиги канчалык өзгөргөндүгүн далилдейт.

## КОРУТУНДУ

Коммунизмдин курулушунун жүрүшүндө, коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү жана коммунисттик тиричилик маселелерин калыптандыруу биздин өлкөдө эмгекчилердин турмуш деңгээлинин капиталисттик мамлекеттер менен салыштырмалуу алда канча бийик болушун камсыз кылат.

Башкы максат эскинин диндик көз караштагы салттарын жоготуу гана болбостон, бекем негиздеги материалисттик көз караштагы жаңы атеисттик күчтөрдү тарбиялап өстүрүү милдети турат. Мындай күчтөрдүн жаралышына системалуу түрдө мектептеги, өндүрүштөгү жана окуу жайларындагы тарбиялык иштердин жүргүзүлүшү көмөк түзөт. Эски салттардын ичинен диндик салттарды жоюу коммунисттик коомду куруудагы закон ченемдүү нерсе катары болуп, ал процесс татаал жана жай ишке ашырылат. Дин бул коомдук аң-сезимдин бирден-бир формасы катарында өз бетинче болуп, кээ бир коомдук кубулуштар менен өз ара байланышта турат. Алардын кээ бири динди колдосо, экинчиси аны жокко чыгарат.

Партия жаңы социалисттик салттарды өнүктүрүп, аны байытууга камкордук көрүп жатат. Ал салттарды сактап, жаңы социалисттик мазмун менен толуктап, коммунизмдин эмгекчилерин тарбиялоо кызматына коюуда. Эмгекти сүйүү, патриоттуулук, тилектештик ж. б. салттар эл арасына таралып, тарыхый сыноолордон өттү, социалисттик коомдо жаңыча сапаттарга ээ болуп, өнүгүүдө.

КПСС БКнын 1976-жылдын 24-июнундагы Гру-

зия партиялык уюмунун иштери тууралу токтомунда көрсөтүп кеткендей, республикадагы эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүү менен эмгекчилердин аң-сезиминдеги коммунисттик нравалык нормалардын калыптанышына карата коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жүргүзүлгөн иштерге токтолуп, «сүткордук, буржуазиялык психология менен жашап жаткан рецидивисттерге, улутчулдук көрүнүштөргө, өздөрүнүн доорун жашап бүткөн диндик көз караштагы зыяндуу саясаттарга каршы элдешпес күрөш жүргүзүп жатат, бул чоң иштердин жүргүзүлүшүнүн башталышы гана»[1] деп адилет белгилеп кетет.

Социализм кезинде жалпы советтик салттардын, үрп-адаттардын, майрамдардын илимий негизде жүргүзүлүшү ченемсиз өстү. Коммунисттик коомдун курулушунда КПССтин XXV съезди белгилеп кеткендей, идеялык-саясий тарбия берүү жолу жакшырып, совет элинин маданий байлыгы артып, турмуштун социалисттик образы түзүлдү.

---

[1] КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций и пленумов ЦК. т. 12. М., 1978, стр. 304.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . 3
Турмуштун жаңы, социалисттик образын калыптандыруудагы салттардын, үрп-адаттардын ролу . . . . . . . 7
Адамдардын аң-сезиминдеги жана турмуш-тиричилигиндеги эскинин калдыктарын жоюу — социалисттик салттардын бекемделишинин негизи . . . . . 9
Жалпы советтик жаңы салттардын чыңдалышы — үй-тиричилигиндеги эскинин калдыктарынын жоюлушунун негизги шарты . . . . . . . . . . . 24
Эскинин калдыктарын жоюуда жаңы прогрессивдүү салттардын ролу . . . . 34
Аялдардын саясий жана коомдук активдүүлүгү — турмуштун социалисттик образынын ажырагыс бөлүгү . . . . 44
Корутунду . . . . . . . . . . . 48

**Мэлс Артыкбаев**

ПО ПУТИ
НОВЫХ ТРАДИЦИЙ

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактору Ы. Ыбышев
Көркөм редактору А. Н. Ерошенко
Тех. редактору Л. Я. Шевченко
Корректору М. Кожалиева

ИБ № 1027

Терүүгө 23. 07. 1980-ж. берилди. Басууга 21. 01. 1981-ж. кол. коюлду. Д—03907. Басмаканалык № 1 кагаз. «Ала-Тоо» арибы, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70x90 1/32. 1,625 физ. басма табак, 1,901 шарттуу басма табак, 2,110 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 2411.
Баасы 5 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, ГСП, Фрунзе, шаары,
Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.